**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА МАДАНИЯТ МИНИСТРЛИГИ**

Кыргыз мамлекеттик улуттук университети

Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору

Адистештирилген кеңеш. Д.10.01.125.

Кол жазма укугунда

УДК 894.341:398.221(575.2) (043.3)

Үкүбаева Лайли

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ПОЭТИКАСЫ ЖАНА КЫРГЫЗ ЭЛДИК ФОЛЬКЛОРУ

Адистиги. 10.01.03.-Азыркы улуттук адабият

Филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын а в т о р е ф е р а т ы

Бишкек - 2001

Иш Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин кыргыз адабияты жана Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз адабияты кафедраларында аткарылды.

Илимий кеңешчи: - филология илимдеринин доктору, Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер К.Асаналиев

Расмий оппоненттер: - филология илимдеринин доктору, КРУИАнын корреспондент-мүчөсү, профессор А.Садыков

- филология илимдеринин доктору, Казак республикасынын улуттук илимдер академиясынын академиги, профессор З.Кабдолов

- филология илимдеринин доктору, профессор М.Борбугулов

Жетектөөчү мекеме: - Казак республикасынын улуттук илимдер академиясынын М.Ауэзов атындагы адабият жана искусство институту

Иш 2001-жылдын 5-октябрда саат 10⁰⁰

Кыргыз мамлекеттик улуттук университети менен илимдер улуттук академиясынын Манастаануу жана көркөм маданият борборунун алдындагы филология илимдеринин доктору (кандидаты) деген илимий даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д.10.01.125 шифриндеги Адистештирилген кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071. Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а.

Диссертация менен Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат таркатылды 5-сентябрь

Адистештирилген кеңештин окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты, доцент М.Ж.Рыскулова

# ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

Чыңгыз Айтматовдун поэтикалык системасында фольклорго өзгөчө орун таандык. Жазуучунун чыгармаларында ал интуитивдүү, терең сезип билүүчүлүк, аң-сезимдүү-чыгармачылык мамиле түрүндө катышып келет. Сүрөткердин элдин «байыркы сөзүнө» (Ч.Айтматов) мамилеси, көз карашы бөтөнчө. Аны ал элдик акыл-эстин, турмуштук философиясынын, тарыхынын, миңдеген жылдык адамдык тажрыйбасынын уюткусу деп таанып, билет. Элдик оозеки чыгармалардагы айтылган маселелер жазуучунун терең ишениминде өткөнгө эмес, келечекке багытталган, б.а, байыркынын турмуш сабагы бүгүнкү жана келечек муундун рухтук таянычы болушу керек. Өз чыгармачылыгында фольклорго кайрылганда жазуучу биринчи кезекте ушуга умтулат. Ал фольклордогу элдик акыл-ойду өз чыгармасына механикалык түрдө эле көчүрүп койбойт, анын идеялык-мазмунун кеңейтет, өркүндөтөт. Өзүнүн болгон талант кудуретин, дүйнө таанымын, дил-дымагын жумшап, фольклордук сюжетке философиялык интерпретация киргизет. Ошентип «кыргыз рухунун туу чокусу» (Ч.Айтматов) болгон «Манас» эпосу башында турган кыргыз, казак жана башка элдердин фольклоруна кайрылуу Чыңгыз Айтматовдун повесть-романдарын укмуштудай эмоционалдык, рационалдык-прагматикалык каныгууга тушуктурат. Фольклор катышкан чыгармалардын поэтикасы да көп түрдүүлөнөт, өзгөчө бир интонацияга, ыргакка ээ болот. Жазуучунун чеберчилиги чыгармада фольклордук эстетика менен реалисттик искусствонун бөтөнчө бир гармониясын түзөт, айрым бир учурда фольклор кайдан башталып, реалдуу сюжет кайдан бүтөрүн окуучусуна таптакыр эле таптырбай салат.

Бүгүнкү күндө Ч.Айтматов кыргыз адабиятында эле эмес, дүйнөлүк адабий практикада фольклорго жаңыча мамиле жасап, өзүнчө бир көркөм ачылыш жараткан жазуучулардан болуп калды. Анын чыгармаларында колдонулган мифологема көркөм чыгарманын тулкусуна сиңип, анын идеялык-мазмундук мүмкүнчүлүгүн кеңитип, образ, мүнөздү толук-кандуу чагылдыруу үчүн колдонулуп, психологиялык чыңалышын арттырат. Мындай көркөмдүк кудуретке жазуучу кандайча, кантип жетишип олтурат деген мыйзамченемдүү суроо туулат? Байкап баксак бул маселенин чордону Ч.Айтматовдун жазуучулук феноменин түзгөн эки негизги көрүнүштүн диалектикасын бирдиктүү иликтеп карамайынча жеткилең, толук ачылгыдай эмес. Анын бири-Ч.Айтматовдун эстетикалык көз карашы, экинчиси-анын чыгармаларынын образдык системасында фольклордун орду жана көркөм функциясы.

**Т е м а н ы н а к т у а л д у у л у г у.** Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык өнөрканасына кызыгуу, аны изилдөө ишинин башталышы 60-жылдарга туура келет. Андан бери кырк жылдан ашуун убакыт өттү. Адабиятчы К.Асаналиев акыйкат белгилегендей, бүгүнкү күндө «литература о нем уже составляет внушительную библиотеку. Написаны многочисленные книги и статьи, научные труды и диссертации как у нас в Советском Союзе (теперь у нас в Кыргызстане-Л.Ү.) так и за её пределами. Она, эта литература, многоязычна, многоаспектна и разнолика»[1].

Жазуучунун чыгармачылыгынын изилдениш контекстинде башка проблемаларга катар эле анын адабий-эстетикалык көз карашы жана фольклорду пайдалануу чеберчилиги кандайдыр бир даражада иликтенип келет. Маселен 60-жылдары эле окумуштуу В.Ким Ч.Айтматовдун 50-60-жылдардагы адабий-эстетикалык көз карашына негизденип бир катар баалуу илимий тыянактар чыгарса[2], чех изилдөөчүсү Марушак Ондрей өзүнүн

[1]Асаналиев К. Чингиз Айтматов. Поэтика художественного образа. - Автореферат Дд. - Фрунзе. -1989. - С.3.
[2]Ким В. Литературно-эстетические взгляды Ч.Айтматова. //ДК. - Фрунзе.- 1963.

«Многообразие в единстве литературы социалистического реализма»[1] деген темадагы кандидаттык диссертациясынын бир главасын Ч.Айтматовдун «адам, журналист, сүрөткер» катары өзгөчөлүгүн иликтөөгө арнаган.

Ч.Айтматовдун публицистикаларынын ар кыл багыттары боюнча кийин да азыноолак пикирлер айтылып келди. Адабиятчы А.Акматалиев «Айтматовго таасирленүү»[2] деген китебинде «Жаштар өз насаатчысын атап жатат» деген макаласында Ч.Айтматовдун адабият, жазуучулук чеберчилик тууралуу ой толгоолоруна кыскача токтолуп, жаштардын чыгармачылыгынын өсүшүндөгү анын маанилүү ролун баса белгилейт.

А.Эркебаев Чыңгыз Айтматовдун 60 жылдыгына карата жазган «Жаңы эпосту жаратуучу» аттуу макаласында жазуучунун чыгармачылык феномени тууралуу олуттуу пикирин, көз карашын билдирүү менен анын публицистикаларына да кайрылат. 60-жылдан 70-жылдарга чейинки жана андан кийинки мезгилде ар кыл тема, багыттагы, ар кыл проблемаларды козгогон Ч.Айтматовдун публицистикаларын хронологиялык тартипте кароо менен А.Эркебаев өзүнүн жүргүзгөн илимий экскурсунун негизинде «ойчул-теоретик жана публицист Айтматов сүрөткер Айтматовго эч кандай каршы келбестигин»[3] канагаттануу менен жазат.

Ч.Айтматовдун макалалары, сүйлөгөн сөздөрү коомдук, социалдык, маданий турмушта маанилүү роль ойноо менен жалпы журтка жагымдуу таасирин тийгизип келүүдө. Айрыкча сүрөткердин элдик оозеки чыгармачылык, миф, легенда, манасчылык, акындык өнөр, адабияттын ар кыл маселелери боюнча айтылган ой-пикирлери өтө баалуу. Алардагы айтылган ойлор, менин терең ишенимимде жалт этип, жалп өчүү, өмүрү кыска, жеңил желпи, утурумдук максат-мүдөөнү канагаттандырып, жоголуп кетчү нерсе эмес. Алардын басымдуу бөлүгү-адамзаттын акыл-оюна кулазык болуп берчү түбөлүктүү окуя. Ар бир муун андан өзүн кызыктырган суроолорго жооп, рух таяныч табары бышык. Ч.Айтматовдун публицистикаларында катылган ой берметтерин атайын изилдеп үйрөнүү (тармактар боюнча же башка планда) маселеси бүгүнкү күндө бышып жетилип турса да, адабий илимде ал маселеге олуттуу көңүл бурулбай, колго алынбай келе жатканы окунүчтүү. (Жогорудагы биз эскерген авторлордун эмгектерин эске албаганда, дээрлик бул багытта иликтөөлөр жокко эсе-Л.Ү.).

Чыңгыз Айтматов биринчи кезекте коомчулукка, дүйнөгө залкар жазуучу катары таанымал, ал-XX кылымдын көркөм сөз искусствосунун корифейи. Ошондуктан анын адабий-эстетикалык көз карашын билүү, бул багыттагы жазуучунун адабий-теориялык ойлору, концепцияларына кез келүү окуучуга эбегейсиз баалуу, кызыктуу материалдарды берет. Ал эми аларды атайын иликтөөгө алуу, жалпылоо, аны иликтенип жаткан негизги маселеге байланыштырып окуп-үйрөнүү Ч.Айтматовдун чыгармачылык өнөрканасына сүңгүп кирүүгө, Айтматов феноменинин ажарын терендетип ачууга ого бетер көмөкчү болот. Дегеле Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын поэтикасын анын көркөм-эстетикалык ой-чабыттарынан ажырым кароо мүмкүн эместей. Бул маселенин бир жагы.

Экинчиден, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын изилдөө иши 60 - жылдардан башталса да, анын чыгармачылыгынын өзгөчө кырын түзгөн «Айтматов жана фольклор» маселесине атайылап көңүл бөлүү, проблеманын концептуалдуу иликтенишине жетишүү бүгүнкү күнгө чейин дагеле болсо өз деңгээлинде чечилбей, кайрадан кайра кайрылууга муктаж болуп турат. Ырас, бул багытта азыркыга чейин адабият таануу илимибизде бир топ эле аракеттер болуп, маселенин бир кыйла аспектилери кандайдыр бир даражада өзүнүн

---

[1] Ондрей М. Многообразие в единстве литературы социалистического реализма. //ДК. -М.:- 1966.

[2] Акматалиев А. Айтматовго таасирленүү. - Ф.: - 1988.

[3] Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско. - Ф.: Адабият. - 1990. - 226-б.



илимий иликтенишине ээ болгондугун танууга болбойт. Атап айтсак, Г.Гачев, В.Овчаренко, В.Якименко, У.Б.Далгат, В.Левченко, Вл.Воронов, В.Коркин, К.Асаналиев, М.Бобулов, А.Садыков, А.Акматалиев, И.Лайлиева, К.Ибраимов жана башка бир катар адабиятчы, сынчылардын эмгектеринде эң эле жаңы, маанилүү ойлор-пикирлер көп айтылды. Ошондой болсо да бүгүнкү күндөгү коомдогу, саясий-маданий турмушубуздагы жүрүп жаткан өзгөрүүлөр көп нерсеге карата көз карашыбызды, анын ичинде адабиятка карата идеялык-эстетикалык мамилени, принципти да өзгөртүп олтурат. Көптөгөн жылдар бою белгилүү бир коомдук-тарыхый шарттан улам өкүм сүрүп келген илимий-теориялык ой жүгүртүүлөрүбүздөгү инертүүлүктөн арылып, жаңы идеялык-эстетикалык нарктуулуктан тигил же бул маселеге мамиле жасоону мезгил өзү талап кылууда. Айталы мындан 20-30-жыл мурдараак Ч.Айтматовго окшогон таланттын чыгармачылыгын окуп-үйрөнүүдө аны орус жана дүйнөлүк адабияттын таасиринин бөтөнчө көрүнүшү катары карап, ошол аркылуу өлчөп-баалап, кандайдыр бир деңгээлде ошонубуз менен «шаңданып» келсек, азыр ал көз караштын методологиялык негизи бекем эмес экендигин сезип калдык. Космикалык ийгиликке жеткен жазуучубузду 70-жылдардын экинчи жарымы, 80-90-жылдардан тарта өзүнүн улуттук кыртышына кайрадан жакындатып алып келип, анын маданий-генетикалык башаттарын булактын көзүн ачкандай ачуу тенденциясы илимий-теориялык көз караштa акырындап пайда болду, түптөлдү. Демек ушул жана башка жагдайларды эске алып, Айтматов феноменинин өзгөчө бир нугунда турган, анын уникалдуу талантынын маанилүү бир танабын түзгөн «Айтматов жана фольклор» маселесинин бир катар аспектилери тууралуу ой калчап, бүгүнкү күндөгү түп тамырынан бери өзгөрүлүп жаңырып жаткан жашообуздун контекстинен аталган маселеге концептуалдуу иликтөө жүргүзүү проблеманын актуалдуулугунун экинчи жагын аныктамакчы.

**И з и л д ө ө н ү н  м а к с а т ы  ж а н а  м и л д е т т е р и.** Эмгектин негизги максаты Ч.Айтматовдун чыгармаларынын поэтикасындагы фольклордун ордун, аткарган кызматын бүгүнкү күндөгү көркөм-эстетикалык көз караштын бийиктигинен изилдөө. Аталган максатты ишке ашырууда автор жазуучунун 50-жылдардан кийинки мезгилдерге чейинки бардык чыгармаларын кайрадан өзүн кызыктырган проблеманын жагдайында кунт коюп окуп чыкты жана сүрөткердин публицистикасындагы адабиятка, фольклорго карата эстетикалык көз карашындагы төмөнкүдөй маселелерди конкреттүү изилдөөнү ылайык тапты:

-Ч.Айтматов жана кыргыз элдик фольклору маселесинин изилдениш тарыхы
-жазуучунун адабий-эстетикалык көз карашы
-жазуучунун фольклорго карата эстетикалык принциби
-автордук идеялык-эстетикалык концепцияны ишке ашырууда фольклордун көркөм функциясы
-фольклордук мотив жана сюжет куруу
-турмуш чындыгы жана фольклордук синтез

Ошентип, Чыңгыз Айтматовдун поэтикасына фольклордун кез келүүсүн жазуучунун көркөм-эстетикалык көз карашы менен биrдиктүү кароо эмгектин негизги мазмунун түздү. Тагырак айканда, Чыңгыз Айтматовдун элдик миф, легендаларды колдонуудагы чыгармачылык бөтөнчөлүгүн ачып берүү үчүн биринчиден, жазуучунун көркөм адабиятка карата эстетикалык көз карашын иликтөө жана фольклорго кайрылууда жазуучуга кандай идеялык-эстетикалык өбөлгөлөр түрткү болгондугун аныктоо керек болду. Үчүнчүдөн, жазуучунун чыгармаларында колдонулган фольклордук мотивдерге системалуу, концептуалдуу анализ жасоо менен анын чыгармачылыгында улуттук жана жалпы адамзаттыктын биримдиги кандайча ишке ашып жаткандыгын түшүндүрүү зарылдыгы турду.

Эмгектин илимий жаңычылдыгы. Диссертациялык иш Ч.Айтматовдун адабий-эстетикалык көз карашын мүмкүн болушунча толук жана терең изилдеп окуунун, «Ч.Айтматов жана фольклор» маселесинин кыргыз жана дүйнөлүк адабият таануу илиминде бүгүнкү күнгө чейин изилденишин окуп-үйрөнүүнүн, Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн пайдалануу чеберчилигине кайрадан үңүлүп, иликтөө жүргүзүүнүн, акырында, аталгандардын бардыгын бүгүнкү күндөгү коомдук-саясий, социалдык, маданий турмушубуздагы өзгөрүү-жаңылануунун контекстинде кароого умтулуунун негизинде жазылды.

Эмгекте төмөндөгү маселелер биринчи жолу такталды жана өзүнүн илимий чечилишине ээ болду:

-Ч.Айтматов жана фольклор маселесинин изилдениш тарыхы.

-Ч.Айтматов жана фольклор маселесинин кыргыз адабият таануу жана дүйнөлүк адабият таануу илиминин контекстиндеги орду.

-Жазуучунун адабий-эстетикалык теориялык концепциялары

-Жазуучунун фольклордук-эстетикалык принциптери

-Жазуучунун «Манас» эпосу жана манасчылар боюнча эстетикалык көз карашы.

-Автордук идеялык-эстетикалык концепцияны берүүдөгү фольклордун көркөм функциясы. (Мында «Гүлсарат», «Чыңгызхандын ак булут», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повесттери жаңыча окулуп, аларга баштагылардан принципиалдуу башкача илимий интерпретация берүүгө аракет жасалды).

-Фольклордук мотивдердин чыгарманын сюжетин уюштуруудагы бөтөнчө ролу. («Ак кеме», «Кылым карытар бир күн» чыгармаларынын мисалында).

-Мифтик жана реалисттик көрүнүштүн өз ара бири-бирине жуурулушушунун мүмкүнчүлүктөрү.

-Турмуш чындыгын мифтик көп түрдүүлүктүн синтезинде берүү чеберчилиги.

Ч.Айтматовдун поэтикасы жана кыргыз элдик фольклору маселесин структуралык-функционалдык, улуттук-жалпы адамзаттык көрүнүш катары изилдеп үйрөнүү, түшүндүрүү жөн карды эле маселелерден эмес. Ошондуктан маселенин ар тараптуу, терең илимий изилденишине жетишиш үчүн аны жазуучунун адабий-эстетикалык көз карашы менен чыгармачылык изденүүсүнүн комплексинде, бирин экинчиси толуктап турган көрүнүш катары кароого туура келди жана ушунун өзү дагы белгилүү бир даражада изилдөө ишинин жаңычылдыгы болуп калды.

Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизин М.Горький, В.М.Жирмунский, В.Я.Пропп, Б.Юнусалиев, А.Н.Веселовский, М.М.Бахтин, Д.С.Лихачев, Л.Гинзбург, У.Б.Далгат ж.б. эмгектериндеги илимий-теориялык иштелмелер түздү.

Эмгекте ошондой эле СССР элдеринин белгилүү адабиятчылары, фольклористтери, айтматовтаануучулары Г.Гачев, М.Селиверстов, Л.Лебедева, Р.Бикмухаметов, Р.Баимов, Г.Расулова, М.Азизов, Р.З.Кыдырбаева, С.Мусаев, И.А.Шерстюк, А.Садыков, К.Асаналиев, К.Артыкбаев, К.Бобулов, Ч.Т.Жолдошева, Е.Н.Озмитель, М.Борбугулов, А.Акматалиев, И.Лайлиева, А.Эркебаев, О.Ибраимов, К.Ибраимов жана башкалардын бизге чейинки илимий ой корутундулары, пикирлери пайдаланылды. Советтик жана улуттук адабият таануу, фольклористика илиминин жетишкендиктерине кайрылуу сөзсүз конкреттүү проблеманы изилдөөдө илимий-теориялык фундаменталдуу негиз болуп берүү менен, изилдөө обьектисинин жаңы кырларын ачууга өбөлгө түздү.

Диссертациялык эмгектин теориялык жана практикалык мааниси. Чыңгыз Айтматовдун поэтикасы жана кыргыз элдик фольклору маселесин



конкреттүү изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси аябагандай зор. Теориялык жактан ал эзелтеден изилденип келаткан жазма адабият менен фольклордун өз ара карым-катнашы маселесин улуттук эле адабиятта эмес, дүйнөлүк адабияттагы өнүгүш мыйзамченемдүүлүктөрүн, өсүш перспективасынын жолун тереңден окуп-үйрөнүүдө методологиялык кызмат аткарат.

Практикалык жактан диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын, бул проблема боюнча жарык көргөн макала, эмгектерди улуттук адабиятыбыздын өзүнчөлүгүн үйрөнүүдө, жогорку окуу жайларында кыргыз адабиятынын тарыхын, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын окутууда, ал боюнча атайын курстарды өтүүдө, кыргыз адабиятынын тарыхы, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча эмгек, изилдөөлөр, окуу китеп, окуу куралдарын жазууга пайдаланууга болот.

Изилдөөнүн апробациясы. Диссертация Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин кыргыз адабияты, орус адабиятынын теориясы жана тарыхы кафедрасы, Кыргыз Мамлекеттик Улуттук академиясынын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун, БГУнун кыргыз адабияты кафедрасынын кеңейтилген кеңешинде талкууланган жана коргоого сунуш кылынган. Диссертациянын темасы боюнча изденүүчү тарабынан 27 эмгек жарык көргөн, анын төртөө китеп, жарык көргөн эмгектердин жалпы көлөмү 53,5 б.т. Диссертациянын негизги жоболору жана натыйжалары төмөндөгү илимий-практикалык конференцияларда угулду: Улуттук адабиятты ЖОЖдо окутуунун айрым маселелери, 1982; Академиктер И.А.Батманов, К.К.Юдахин, Б.М.Юнусалиевдерге арналган окуу, 1985; Бүткүл союздук түркологиялык Ү конференция, 1988; Республикалык айтматовдук окуу, 1991; Чыңгыз Айтматов жана дүйнөлүк маданият, 1993; Түркияда Айтматов күндөрүнө арналган илимий конференция (Анкара), 1994; Кыргыз руху жана «Манас»; БГУнун илимий конференциясы, 1997; Түрк элдеринин тили жана адабиятынын актуалдуу маселелери (Ч.Айтматовдун 70 жылдык юбилейине арналган Эл аралык илимий-практикалык конференция), 1998; Айтматов жана рухий маданият (Эл аралык конференция), 1999; Озмителдик окуу (филологиялык конференция), 1999; Природа университетского образования (АУК), 1999; И.В.Гетенин 200 жылдыгына арналган Эл аралык илимий конференция, 1999; К.К.Юдахиндин 110 жылдык юбилейине арналган илимий-практикалык конференция, 2000; Жаштар жылына арналган Эл аралык илимий конференция, 2000; 3-Озмителдик окуу, 2001; Кыргыз жана түрк элдеринин фольклору (Эл аралык Ататүрк-Ала-Тоо университети) 2001.

Жогорудагылардан тышкары БГУнун аспиранттары жана изденүүчүлөрүнө 1999, 2000, 2001-жылдары, БГУнун Окумуштуулар Кеңешинде 2000-жылы диссертациянын материалдары боюнча лекциялар окулду. БГУнун түркология факультетинин 1Ү курсунда, БГУнун алдындагы Үзгүлтүксүз билим берүү институтунун Ү курстарынын студенттерине 1995-жылдан бери «Айтматов таануу» курсу окулуп, курстук, дипломдук иштер жазылып келүүдө.

Иштин структурасы. Изилдөө киришүү, эки бөлүм, (ар бир бөлүм 3 главадан турат) корутунду жана библиографиядан турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө иш боюнча жалпы мүнөздөмө берилип, теманын актуалдуулугу, жаңычылдыгы, иштин максаты, милдети аныкталып, эмгектин методологиялык негизи, илимий-практикалык мааниси белгиленет.

Биринчи бөлүм «Кыргыз фольклору жана Чыңгыз Айтматовдун эстетикалык принциптери» деп аталып, ал үч главадан турат. «Кыргыз элдик фольклору жана

Чыңгыз Айтматов» деп аталган биринчи главасында проблеманын изилдениш тарыхына экскурс жасалат.

Бүгүнкү күнгө чейин Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы улуттук оозеки көркөм мурастын ээлеген орду, ролу, реалисттик стиль менен фольклордук-эстетиканын карым-катнашы маселелеринин көп жактары белгиленип, илимий-теориялык электен өткөрүлүп калды. Жазуучунун чыгармачылыгы боюнча жазылган эмгектерди караганыбызда негедир «Айтматов жана фольклор» маселесине кызыгуу бөтөнчө кийинки мезгилдерде геометриялык прогрессте өсүп-өнүгүп бара жаткандыгы байкалат. Айтматовдун чыгармачылыгын иликтеп үйрөнүүгө багыт алуунун алгачкы жылдарына салыштырганда (ал 60-жылдардын орто ченинен башталат-Л.Ү.), 80-90-жылдары аталган проблеманын улам жаңы аспектилери ачылып, ага жаңыча көркөм-эстетикалык принциптен мамиле жасоо интенсивдешүүдө.

60-70-жылдарда аталган маселенин терең жана ар тараптуу изилдөөгө алынбагандыгынын менимче төмөндөгүдөй обьективдүү себептери болгон. 1-ден, ал Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын өнүгүш этабынын өзгөчөлүгүнө байланышкан. 2-ден, 60-70-жылдардагы адабият таануу илимибиздеги (жеке эле Кыргызстандагы эмес, жалпы эле Советтер Союзундагы-Л.Ү.) илимий-теориялык ой-чабыттын инерттүүлүгү, саясий көз карандылык абалы менен түшүндүрүлөт.

Ч.Айтматов 60-70-жылдары «Гүлсарат», «Ак кеме» повесттерин жазуу менен фольклорду учурдун курч проблемаларына жуурулуштуруп «иштетүүнүн» жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачса дагы, ал жазуучунун алгачкы эксперименттери эле, канткен күндө да ал жылдары 80-90-жылдардагы чыгармаларындай жазуучу фольклордун философиялык терендигине, поэтикалык мүмкүнчүлүгүнө терең кирип, аны өз чыгармачылыгында системалуу түрдө активдүү пайдалана элек болчу. Анын үстүнө сүрөткердин бул көркөм табылгасы андан ары улантылабы, жокпу муну да болжоп болбойт эле. Ошондуктан болсо керек, адабиятчылар Ч.Айтматовдун чыгармачылыгында пайда болгон өзгөчө кубулуштун табиятын кийинки кездердегидей өтө кызыгуу менен ар тараптуу иликтөөгө алышпады. Бирок бул таптакыр эле бул багытта кызыктуу пикирлер, эмгектер болгон жок дегендикке жатпайт. 60-70-жылдары майда макалаларды эске албаганда да Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын тикеден тике иликтөөгө алган ондон ашык илимий монография, эмгектерде аталган проблема боюнча кызыктуу, оригиналдуу пикирлер айтылган, бирок ошого карабастан, жазуучунун чыгармачылыгынын улуттук башатына сүңгүп кирип, ал аркылуу сүрөткердин бөтөнчөлүгүн ачып берүүнү көздөбөстөн изилдөөчүлөр иликтөө багытын чукулдан бурушуп, экинчи бир проблемага, тактап айтканда, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына орус жана дүйнөлүк адабияттын тийгизген таасирине олуттуу маани беришкендиги байкалат. Ал турсун теги, тарыхы, этнографиясы, тили ж.б. боюнча жакын болгон тектеш элдердин адабияты, маданиятынын Ч.Айтматовго таасири, алар менен болгон Ч.Айтматовдун табыгый, закончене мдүү байланышы да (башканы койгондо да казак адабиятынын корифейи М.Ауэзовдун таасири, байланыш маселелери-Л.Ү.) экинчи планда калган. Диссертацияда Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын изилдөөнүн ушул жагдайы бүгүнкү күнгө чейин тиешелүү деңгээлде колго алынбай жаткандыгы мүмкүн болушунча далилденет.

Диссертациялык изилдөөдө «Кыргыз элдик фольклору жана Айтматов» маселесинин изилденишин шарттуу түрдө эки этапка бөлүп кароонун зарылдыгы белгиленүү менен проблеманын ар бир этаптагы изилдениш деңгээлине анализ жасалат.

«Кыргыз элдик фольклору жана Ч.Айтматов» маселесин изилдөөнүн алгачкы этабында адабиятчылар: А.Садыков, Л.Лебедева, М.Ондрей, М.Азизов, Г.Гачев, В.Коркин, И.В.Осмоловская, Л.Якименко, Н.Никипорец ж.б. өздөрүнүн эмгектеринде Ч.Айтматов алгачкы эле чыгармаларында фольклор менен байланышы бар экендигин белгилешип, бирок



ошол байланыштын өзгөчөлүгүн, деңгээлин түшүндүрүүдө айрым бирлери бир жактуулукка (А.Садыков, М.Азизов), одоно катачылыктарга (Н.Никипорец, Г.Гачев) жол беришкен. Улуттук салт-санаа, психология, элдик оозеки чыгармачылыктын бөтөнчөлүгүн жетик түшүнбөгөндүктөн көптөгөн бир жактуулуктарды кетиргендигине карабастан, Г.Гачевдин «Любовь, человек, эпоха» эмгеги «Айтматов жана фольклор», «Айтматов жана улуттук традиция маселелерин» биринчи жолу атайын изилдөөгө алган эмгек экендиги жана анда буга чейинки пикирлерден айырмалуу Ч.Айтматовдун аң-сезиминде фольклордук-эпикалык традиция катышып турарын таануу биринчи болгондугун диссертациянын автору белгилейт.

Жогоруда изилдөөчүлөрдүн эмгектериндеги ой-пикирлерди анализдөө менен проблеманын изилденишинин алгачкы этабында адабий-теориялык ойлордо пайда болгон негизги тенденциялар катарында төмөндөгүлөр аталат.

1. Ч.Айтматов алгачкы эле чыгармачылыгында фольклор менен байланышы болгондугун таануу.
2. Ч.Айтматов фольклорго кайрылууда аны кайрадан чыгармачылык менен иштеп чыгып, пайдалангандыгын таануу.
3. Ч.Айтматовдун аң-сезиминде, акыл-эсинде фольклордук-эпикалык традиция катышып турарын жана ал ар дайым аракетте экендигин таануу
4. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгында фольклор башка адабий-эстетикалык булактар менен органикалык биримдикте жашап жана ал булактар жазуучунун талантынын өркүндөшүнө жагымдуу өбөлгө түзгөндүгүн таануу.

60-70-жылдарда аталган тенденциялар тууралуу илимий-теориялык ойлор эч бир изилдөөчүнүн эмгегинде системалуу, концептуалдуу өнүккөн эмес жана маселенин чар тарабына көңүл бурулуп төп ачууга аракет жасалбаган.

Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына байланыштуу изилдөөлөрдө аталган проблема кеңири кулач жайып концептуалдык мүнөзгө өтпөгөндүгү менен ошол 70-жылдары улуттук адабият таануу илимибизде фольклор менен жазма адабияттын карым-катнашы маселеси учурдун актуалдуу маселеси катары көтөрүлүп, кызуу талаш-тартыштын обьектиси болгон. Диссертацияда фольклор жана жазма адабияттын алака-катышы маселеси боюнча талкууга катышкан адабиятчылар К.Артыкбаев, М.Борбугулов, К.Бобулов, К.Асаналиевдердин пикирлерине кеңири токтолуп, ошол жылдары эле улуттук адабият таануу илиминде маселенин эң бир принципиалдуу аспекти аныкталып, такталып калгандыгына басым жасалат. Тагыраак айтканда, фольклор көркөм ойлоонун белгилүү бир мезгилинде пайда болуп, урунулуп, анан таптакыр керектен чыгып ыргытылчу нерсе эмес экендиги, ал элдик акыл-ойдун түпкүрүнө сиңип, сакталып, зарыл учурда өзүн эстеп, издөөгө мажбурлап турган сыйкырдуу көркөм дүйнө экендиги жана ал адабий өнүгүүнүн улам кийинки баскычында катышып, көркүнө чыгып жашай берчү өзгөчө феномен экендиги тастыкталган.

Сөз болуп жаткан мезгилде фольклорду кандайдыр бир примитивдүү аң-сезимдин туундусу катары караган да көз караштар болгон, б.а, ал элибиздин туташ сабатсыз кезинде жаралган турмушту көркөм таануунун «сары ооз балапан» мезгилине туура келген көрүнүш катары каралган. Чындыгында да фольклор менен жазма адабият эки башка эстетикалык система, алар бири биринен дүйнөнү эки башкача жөндөм аркылуу таанып, чындыкты эки башкача көркөм каражаттар аркылуу интерпретациялаганы менен айырмаланышса да, экөө принцибинде көркөм сөз искусствосунун бирдиктүү мейкиндигин түзүшөт. Ошондуктан аларды «биринчи», «экинчи» деп сортторго бөлүү, бирин-экинчисинен жогору коюу дегеле туура эмес экендиги жөнүндөгү адабиятчы К.Артыкбаевдин пикири орундуу.

Иште ошентип Ч.Айтматов жана фольклор маселесинин иликтениши кыргыз адабият таануу илиминдеги фольклор жана жазма адабияттын карым-катнашы маселесинин иликтенишинин контекстинде каралат.

Диссертациянын автору кыргыз адабиятчыларынын эмгектериндеги фольклор менен жазма адабияттын карым-катнашын иликтөөнүн негизинде дегеле 70-жылдары кыргыз адабий-теориялык ою жаңы бийиктикке көтөрүлгөндүгүн белгилейт жана мындан белгилүү бир деңгээлде Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын таасирин көрөт, б.а. фольклор менен жазма адабияттын мамилесин жаңыча позициядан кароодо ошол жылдары Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы күчтүү локомотивдин кызматын аткарган.

70-жылдардан кийин Ч.Айтматовдун чыгармачылыгында кыргыз элинин бай фольклору улам активдүү катышып, оркестрдеги башкы аспаптын ордун ээлейт. Фольклор чыгармадан чыгармага өтүп, ар түркүн жанрда, формада, ыкмада, эң башкысы ар кыл максатта пайдаланылышы менен жазуучунун көркөм-эстетикалык изденүү стихиясында өзүнчө бир бүтүндөй поэтикалык системага айланат.

Жазуучунун чыгармачылыгындагы мындай көрүнүштүн себебине иликтөө жүргүзүү менен диссертациянын автору Ч.Айтматовдун фольклорго жүз буруусу кандайдыр бир адаттан тыш, табыгыйлуулуктан бөтөнчө (сверхестественный) көрүнүш эмес экендигин, 70-жылдары көп улуттуу совет адабиятынын таланттуу өкүлдөрүнүн чыгармачылык изденүүлөрүндө да негедир фольклордук кызыкчылык туулгандыгын изилдөөчү У.А.Далгаттын[1] пикирине таянуу менен далилдейт. Ошондой эле фольклор менен адабияттын өз ара мамилеси ошол жылдары мурдагы СССРдин географиялык алкагында эле эмес, бүтүндөй дүйнөлүк кендикте болгондугун, фольклордук күчтүү агымдын кириши дүйнөлүк көркөм ойлоонун масштабында жүргөн өзүнчө бир эйфориялык көрүнүш болуп турганын Т.Манн, Г.Маркес, У.Фолькнердин чыгармачылыктары да күбөлөйт.

Эмне үчүн мындай болду? Эмне үчүн эрте эмес, эртең эмес, адабий процесстин ушул этабында фольклор менен адабияттын өзүнчө бир жагымдуу алака-катышынын интенсивдүү кыймылы башталды? Албетте, бул татаал суроого бирооз сөз менен жооп берүү кыйын, анын обьективдүү, субьективдүү факторлору да кыйла экендиги анык. Ошентсе да мунун биринчи себеби - коомдук-тарыхый өнүгүүбүздүн күн санап татаалданып баратышы, өнүккөн цивилизацияга багыт алуу жолундагы саясий-нравалык проблемалардын адамзаттын алдында курч коюлуп олтурушу жана ага оптималдуу жооп издөөдө. Турмуш күн тартибине сүйрөп алып чыгып жаткан азыркы учурдун орошон маселелерине жооп издөө акын-жазуучуларыбызды элдин тарыхый акыл-эсине кайрылууга, андан бүгүнкү күн, келечек үчүн духтук, рухтук таянычтарды издөөгө багыттады.

Дүйнөлүк адабий процессте фольклорго тап коюунун экинчи бир себебин диссертациянын автору көркөм адабияттын өсүнүн өнүгүш-өсүш закончемине байланыштуу карайт жана бул жагдайда айтылган адабиятчы Р.Бикмухамбетовдун адабий өнүгүү жетилген мезгилде гана «в литературе активно осваиваются, перерабатываются и фольклор»[2] деген пикирине кошулат. Демек, маселени эки маанилүү факторлун кошбирдигинде кароо максатка ылайыктуу.

Акыркы үч он жылдыкта Айтматовдун фольклорго карата мамилесине изилдөөчүлөр олуттуу маани берип карагандыгы байкалат. Эгерде маселени иликтөөнүн биринчи этабында адабиятчылар жазуучунун чыгармаларында кездеше калган фольклордук мотивдерди, образдарды негизинен Айтматов кандайдыр бир идеялык-көркөмдүк зарылдыктан улам атайылап кайрылып жаткандай түшүндүрүп келишсе, «Ак кеме», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт», «Кылым карытар бир күн» чыгармаларынан кийин мындай концепция

---

[1] Далгат У.Б. Фольклор и современный литературный процесс. Китепте: Фольклор. Поэтика и традиция. - М.: Наука. - 1982. -С. 34-47.
[2] Бикмухаметов Р. От изучения особенностей к исследованию закономерностей. //Вопросы литературы. - 1965. - № 8. - С. 55.



Айтматовдун чыгармачылыгы үчүн жараксыз, өтө эле примитивдүү экендиги билинди. Айтматовдун фольклорго карата мамилеси улам жаңы түс алып, улам татаалданып, тереңдеп, бекемделип баратышы маселеге карата стреотиптик көз караштын догмаларынан арылып, кандайдыр бир жаңыча, ординардуу эмес, индивидуалдуу мамилени талап кылды, жаңыча критерийлер менен өлчөп-баалоонун зарылдыгын күн тартибине курч койду. Ошентип, кыргыз адабият таануу илиминде эле эмес, союздук алкакта Айтматов жана фольклор маселесин иликтөөнүн экинчи этабы башталды.

Кыргыз адабият таануу илиминин, адабий сынынын улуу муундагы өкүлдөрү: К.Асаналиев, А.Садыков, М.Борбугулов, К.Артыкбаев, К.Бобуловдор аталган маселе боюнча көз караштарына жаңы түзөтүүлөр, тереңдетүүлөр киргизишип, сүреткердин чыгармачылыгын жаңыча окууга демдүү киришишсе, И.Лайлиева, А.Акматалиев, А.Эркебаев, К.Ибраимов, О.Ибраимов өңдүү жаш, таланттуу адабиятчылардын илимге келиши менен Айтматов таануу Кыргызстанда ого бетер жанданып, иликтөө обьективсинин жаңы кырлары ачылды.

Кыргызстандагы орус тилдүү изилдөөчүлөрдүн да (Е.К.Озмитель, Ч.Т.Жолдошева, Ж.Рыскулова ж.б.) Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына кызыгуулары зор болду.

Бул жылдары орус окумуштуу-сынчыларынын да Айтматов феноменине кызыгуулары суубады, тескерисинче кыска убакытта Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын иликтөөгө ынтызар адистешкен профессионал адабиятчылардын тобу пайда болду. В.Левченко, В.Коркин, Л.Якименко, Л.Строилов, В.Воронов, У.Далгат, Г.Расулова жана башкалардын сабында, арийне, көч башында Г.Гачев да турду.

Биринчи кезекте, аталган изилдөөчүлөрүн эмгектеринде мурдагыдай тийди-качты эмес, концептуалдуу мүнөздө Ч.Айтматовдун акыл-эс, жан-теңинде өз элинин улуттук рухий дөөлөттөрү эне сүтү менен бирге табыгый түрдө киргендигин илимий негизде бекемдөө аракети жүрдү жана бул этностун кайталангыс өзгөчөлүгү катары каралды. Проблемага ушул өңүттөн мамиле жасоо Айтматовдун чыгармаларын иликтөөнүн методологиясын таптакыр, түп тамырынан өзгөрткөндүгү байкалат. Эгерде 60-70-жылдарда жазуучунун чыгармаларындагы фольклоризм жөнүндөгү сөз фольклор ачык колдонулган чыгармалар боюнча гана болсо, 70-жылдардан кийин маселенин түйүнүн жалпы эле Айтматовдун акыл-эс, ой-туюмунун стихиясынан издөө тенденциясы күчөдү жана бул багытта олуттуу көз караштар пайда болду. Айрыкча К.Асаналиев кийинки мезгилдердеги изилдөөлөрүндө жазуучунун чыгармачылыгынын улуттук негиздерин ачууга көбүрөөк көңүл бурган жана бул багыттагы ойлорун концептуалдуу өнүктүргөн[1].

Дегинкисинде кийинки убактарда Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча жазылган дээрлик бардык эмгектерде (В.Левченко, А.Акматалиев, А.Эркебаев, И.Лайлиева, К.Ибраимов ж.б.) «Манас» эпосу, кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы менен жазуучунун табыгый байланышын белгилөө жана таануу салттуулук мүнөзгө ээ болуп калды. Мунун чектен тыш деле эч нерсеси жок, тескерисинче, менин ишенимимде, адабий-теориялык ойдун өнүгүшүндө бул эртедир-кечтир келүүчү чындык болчу.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча чакан рецензиядан тартып, мазмундуу изилдөөгө чейин жазышкан чет элдик адабиятчылардын: француз Р.Пьера, К.Прево, люксембургдук адабиятчы Р.Киффер, Белгиялык Бланкоф-Скар, Италиялык В.Джусти, Ди Паоло[2], англистилдүү адабиятчылар Уэбб, Гинсбург, *Соу*чектердин[3] 70-80-жылдардагы

---

[1] Асаналиев К. Чингиз Айтматов. Поэтика художественного образа. Автореф. Дис...д-ра ф.н. - Ф.: 1989.
[2] Караңыз: Строилов Л. Творчество Ч.Айтматова Заподно-Европейской критике. - Ф.: Кыргызстан. - 1988.
[3] Караңыз: Рыскулова Ж. Восприятие творчество Чингиза Айтматова в англоязычных странах. - Ф.: Илим. - 1987.

эмгектеринде да жазуучунун элдик эпостун жана оозеки чыгармачылыктын духуна жакын экендиги белгиленет.

70-80-жылдарда Ч.Айтматовдун фольклорго карата кызыкчылыгынын масштабы кеңейет, анын кызыкчылыгы кыргыз элдик фольклору менен эле чектелбестен, ал бүтүндөй түрк элдеринин жана башка элдердин адабий мурастарына кызыгып, аларды пайдалануу менен жаңы поэтикалык ачылыштар жасай баштайт.

Кийинки чыгармаларында Ч.Айтматовдун фольклорду пайдаланууда поэтикалык стилинде бир катар жаңы жөрөлгөлөр пайда болду. Ал бир учурда идеялык мазмуну жакын турган фольклордук сюжеттерди синкреттештирип пайдаланса, бир учурда аларды тарнсформациялап колдонот, дагы бир учурда элдик легенда, образдардын негизинде жаңы жомок-аңыз жаратат. Кээ бир чыгармаларында реалдуу турмуш чындыгын миф, легендалардын жардамы менен метафоралаштырып чагылдырса, кээсинде тескерисинче, өзү жараткан оригиналдуу аңыз-аңгемеси менен реалдуулукту жомоктоштурат. Кыскасы, Ч.Айтматовдун кийинки жылдардагы чыгармачылык стилинде «жомоктуулук» түркүн түстүү гүлдүүлүккө жетишип, ал жазуучунун поэтикасында өзүнчө доминантка ээ болду. Албетте, Ч.Айтматовдун чыгармачылык изденүү жолундагы жаңы этап адабиятчы, сынчыларда жаңыча көз караштын пайда болушун шарттады. Диссертациянын автору адабиятчылар Г.Гачев, К.Асаналиев, А.Садыков, В.Левченко, А.Акматалиев, И.Лайлиева, К.Ибраимов, О.Ибраимов жана башкалардын эмгектеринде аталган маселе боюнча көз караштарды, пикирлерди анализге алуунун негизинде, проблеманы иликтөөнүн шарттуу түрдө белгиленген экинчи этабында төмөндөгүдөй версиялар аныкталып, такталган деген тыянакка келет.

1. Айтматовдун акыл-эс, жан-теңинде улуттук рухий дөөлөттөр табыгый түрдө жашайт жана ал анын көркөм-эстетикалык ой жүгүртүүсүндө дайыма катышып, чыгармаларынын поэтикасына өзгөчө кайталангыс түс берет.

2. Ч.Айтматов фольклорго дайыма чыгармачылык менен мамиле жасайт, аларды синкреттештирет, трансформациялайт, фольклордук сюжетке жаңы өмүр берет.

3. Жазуучунуну чыгармачылыгында фольклордук эстетика дүйнөлүк адабияттын тажрыйбасы менен жеткилең канылган жана ал жазуучунун стилдик индивидуалдуулугун эч убакта жоготпойт.

4. Ч.Айтматов - элдик көркөм ойлоонун негизинде өз миф, жомогун, легендасын жараткан азыркы учурдун жомокчу-жазуучусу. Жаңы адабий эпосту жаратуучу.

Жогорудагы адабий-теориялык ойлорду констатациялоо менен диссертант «Айтматов жана фольклор» маселесин иликтөө иши толук чечилип бүттү деп эсептебейт, Ч.Айтматов азыркы дүйнөлүк адабий процессте академик Д.С.Лихачев[1] белгилегендей өткөндүн маданий эстеликтерин бүгүнкү күндүн, келечектин кызматы үчүн «жумушка салып», биздин азыркы турмуш-жашообуздун күжүрмөн кызматташы кылган саналуу гана жазуучунун бири. Ошондуктан диссертант азыркы адабият таануу илиминде бул феноменди ачуу иши жаңы гана башталды, алгачкы гана тажрыйбаларды топтоодо деген терең ишенимде.

Диссертациянын экинчи главасы «Чыңгыз Айтматовдун адабий-эстетикалык көз карашы» деп аталат. Мында жазуучунун адабий ишке, адабиятка карата эстетикалык көз карашы иликтөөгө алынат. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын поэтикасы жана кыргыз элдик фольклору маселесин илимий иликтөөгө алып жатып анын эстетикалык көз карашына кайрылуунун себеби төмөндөгүдө болду. Дегеле жазуучунун көркөм сөз өнөрүнүн көп кырдуу маселелерине элдик оозеки чыгармачылыкка акындар поэзиясына ж.б. карата эстетикалык көз карашын, сүрөткерлик позициясын билбей туруп, анын калеминен жаралган

[1] Лихачев Д.С. Поэтика древнерусской литературы. -М.: Наука. - 1979. - С. 352.



көркөм туундунун табиятын, маани-маңызын, поэтикасын тереңден билүүгө мүмкүн эмес. Ошондуктан жазуучунун адабий-эстетикалык, фольклордук эстетикалык көз карашы-анын чыгармачылыгынын айрып алгыс бөлүгү, аны чыгармаларынын поэтикасынын бир салаасы катары кароо максатка ылайыктуу.

Чыңгыз Айтматов чыгармачылыгынын алгачкы күнүнөн азыркыга чейин ар бир мезгилдин коомдук-саясий, социалдык, адабий-маданий, моралдык-нравалык, психологиялык ж.б. маселелерине жигердүүлүк менен активдүү катышып, адамзат жашоосунун ар кыл сферасына атуулдук үнүн кошуп келет. Жазуучунун маектери, публицистикалары, чыгып сүйлөгөн сөздөрү өзүнүн философиялык-теориялык тереңдиги, актуалдуулугу, концептуалдуулугу менен окуучунун көңүлүн бурат. Көркөм чыгармалары сыяктуу эле адамды ой-түйшүккө салат, активдүү граждандык позицияга чакырат. Ал эми эң негизгиси: Айтматов-сүрөткер, Айтматов-публицистин портрети айкалыша келип улуу жазуучунун сыйкырдуу, уникалдуу феноменинин толук ачылышын шарттайт, анын жан-дүйнөсүн, рухий дасмиясын ачат.

Жазуучунун мезгилдүү басма сөздө жарык көргөн макала-маектери бүгүнкү күндө бир канча китеп болуп жыйнакталды, жарык көрдү. Бирок алар тууралуу бүгүнкү күнгө чейин азыноолак гана эмгектер жазылып, пикирлер айтылды.

Ч.Айтматов биринчи иретте коомчулукка, дүйнөгө залкар жазуучу катары таанымал. Ошондуктан анын адабий-эстетикалык көз карашын билүү, бул багыттагы жазуучунун адабий-теориялык ойлору, концепциялары менен кез келүү окуучуга эбегейсиз баалуу, кызыктуу материалды берет. Ошондуктан диссертацияда бүгүнкү күндөгү коомдук-социалдык, маданий турмушубуздагы түп тамырынан бери өзгөрүлүп, жаңырып жаткан жашообуздун контекстинде Айтматовдун адабий-эстетикалык көз карашына жаңыча көз караштан серп салуу аракети жасалды жана жазуучунун адабий-эстетикалык көз карашын сыдырып иликтөөдө төмөндөгүлөр айкындалды. Биринчи эле кезекте Ч.Айтматовдун адабий ишке өтө олуттуу,жоопту карай турганы, ал үчүн адабияттын маселелеринин кичине-чоңу жоктугу. Өзүнөн мурунку адабият теоретиктеринин, практиктеринин традицияларын улантып, алардагы айрым ойлордун маани-мазмунун тереңдетүү менен Ч.Айтматов адабияттын алдына мезгил агымынан улам туулган жаңы эстетикалык талаптарга замандаш калемгерлердин көңүлүн дайым бурат.

Адабияттын коомдогу жана адам турмушундагы прогрессивдүү ролу жөнүндө ойлонуп Ч.Айтматов аны-ал өз окуучусунун алдына доордун маанилүү маселелерин кое билишинен көрөт. XX кылымдын адабиятына буга чейинки адабиятка караганда эң оор миссия туура келип олтурганына олуттуу маани берүү менен жазуучу азыркы учурдагы адабият үчүн эң башкы нерсе-адамга өз ишенимин кайтаруу, бекемдөө экендигин бөтөнчө баса белгилейт (ишеним философиялык мааниде-Л.Ү.).

Адабият - М.Горькийдин сөзү менен айтканда «адамтаануу» илими. Бекеринен көркөм ойлоонун өнүгүш процессинде адабияттын негизги предмети, изилдөө обьектиси адам деп аныкталып, такталбаса да керек. Ч.Айтматов өзүнө чейинкилердин адам тууралсындагы эстетикалык концепциясын андан ары өз алдынча өнүктүрөт. Ч.Айтматовдун пикири боюнча «көркөм чыгармачылыктагы башкы нерсе-адам, анын руханы, анын күчү жана касиети». Адам руханы гана адамдын чыныгы жүзүн, пенделик ажарын, ички мүмкүнчүлүгүн ачып турат. Адабиятка «баарыдан мурда мына ушуну таануу жана ачуу маанилүү»[1]

Жазуучу адам руханы тууралуу ойлонуу эч убакта бүтпөстүгүн белгилөө менен бүгүнкү күндө адам руханы терең иликтенген, мазмундуу, турмуштун реалдуу чындыгын, социалдык-

[1] Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. - Ф.: Кыргызстан. - 1988. - 149-150-б.

нравалык, коомдук-философиялык маселелерди көркөм жалпылоого жетишкен чыгармалар гана окуучунун эстетикалык талаптарын канагаттандыра ала тургандыгын эскертет.

Адабияттын дагы бир милдети-адамдагы гумандуулуктун ажатын ачуу деп түшүнөт жазуучу. Ч.Айтматовун чыгармаларында гумандуулук маселесине айрыкча маани берилиши бекеринен эмес, жазуучунун терең ишениминде гуманизм, гумандуулук адамдын өзүндө. Адам өзү өзүнүн улуулугун, бийиктигин, асылдыгын жеткире түшүнө алса, анын иш-аракетинде эч убакта гумандуулукка каршы келе турган нерсе болбойт, болушу да мүмкүн эмес. Жазуучу аталган маселенин масштабын дагы көтөрүп, «маданият менен гуманизм түпкүлүгүндө бир жерден тогошот» дейт.

Гумандуулукка катар эле көркөм адабияттын бүгүнкү күндөгү дагы бир милдети адамдагы сезимди изги бойдон (таптаса, кирсиз) сактап калууга тарбиялоо экендигин белгилөө менен Ч.Айтматов ушунун өзү бүгүнкү күндө эң татаал, эң жоопту, карама-каршылыктуу дүйнөдө жашап жаткан адам үчүн аба менен суудай эле керек экендигине коомчулуктун көңүлүн бурат. (Бул тууралуу жазуучу 1977-жылы Софияда болуп өткөн жазуучулардын эл аралык симпозиумунда сүйлөгөн). Көрүнүп тургандай, жазуучу таза адабияттык маселени учурдун саясий-идеологиялык маселесине чейин көтөрөт, алардын табыгый түрдө айкалышуусуна жетишет.

Албетте, адабий иштин бардык маселелери барып-келип эле жазуучунун инсандык, сүрөткерлик кудуретине байланыштуу чечилери бышык. Мына ушул маселеге Ч.Айтматовдун позициясы кандай?

Айтматовдун эстетикалык көз карашынан аталган маселеге жооп издесек, анда биз кандайдыр бир ойлордун гаммасына кездешебиз. Болгондо да ал ойлор жазуучунун көз карашында чачкын, фрагменталдуу абалында кездешпестен, системалуу өнүккөндүгүн көрүүгө болот.

Бүгүнкү күндүн адамынын жан дүйнөсүн бийлөө сүрөткер үчүн оңойго турбастыгын белгилөө менен ал үчүн сүрөткер өмүргө тете даярдыкты башынан кечириш керектигин айтып, жаш жазуучунун талантына зарыл шарт кайсы дегенде-маданият жана эмгек экендигин бөтөнчө көрсөтөт. Ч.Айтматов эмгек, турмуштан үйрөнүү деген негизги критерийлерге «көркөм искусстводон үйрөнүү» милдетин да катар коет жана өзүнүн макалаларында мына ушул «искусстводон үйрөнүүнүн» өтө эле оордугун, а дагы жазуучуга даярдыкты баштан өткөрүүдөн кийин гана келе тургандыгын баса белгилейт.

Жазуучунун интеллектуалдык жактан өскөн, көп жактуу билимге ээ, эстетикалык жана философиялык сабаты бийик инсан болушу абзел. Ал өз чыгармачылыгын теориялык жагынан байытып, искусствонун башка тармактарында болуп жаткан жаңылыктар менен тыкыз алакада турганы оң. Ч.Айтматов азыркы күндүн сүрөткеринин ички дасмыясынын ушулар менен толукталып, дамамат байып турушун зарыл деп эсептейт.

«Биздин адабияттагы жаңы тенденциялар жөнүндө айтканда, аны жалпы дүйнөлүк процесске байланыштырбай өзүнчө болуп кароо ылайыксыз»[1] деп эсептейт жазуучу. Башкача айтканда, адабияттагы жаңы тенденция-коомдогу, адамзат турмушундагы жүрүп жаткан процесстен улам жаралат, ошого байланыштуу жана ошону менен шартталарына сергек болуусу зарыл жана ал талаптардын учугу дүйнөлүк процесске чейин жетерин эстен чыгарбашы керек.

Көркөм чеберчилик маселеси да Ч.Айтматовдун кареги талыбай кадала карап, жанын үрөп изденген, ойго салган, эң эле көп түйшүктөнткөн маселелерден. Көркөм чеберчиликтин ар бир талантта дамамат тамыр жайып, көктөп, гүлдөп турушунан адабияттын ийгилиги жаралат. Эгерде жазуучунун чыгармасында тема, идея, проблема болуп, ал эми ушулардын

[1] Жогорудагы китеби. - 147-б.



бардыгына ички нур чачкан автордун сүрөткерлик чеберчилиги жок болсо, анда ал искусствонун күчү деген сыйкырдуу нерседен куржалак калганы.

Ч.Айтматовдуку боюнча окуучуга адрестелген чыгарма, мейли ал кайсы жанрда болсун таланттуу жазылышы керек, «сен аларды ачсаң, алар сени ачат». Ч.Айтматов көркөм чеберчиликтин ар кыл аспектилерин теориялык жалпылоого жеткире ачат.

Дүйнөлүк атакка ээ жазуучунун адабият маселесине карата адабий-эстетикалык көз карашын аңдап, иликтеп олтуруп анын адабияттын, жалпы эле көркөм сөз өнөрүнүн ар кыл маселелери тууралуу айткан пикирлери мезгилдин агымы менен актуалдуулугун жоготуп коюучу бир шилтемдер эмес экендигин баамдоого болот. Алар адабият менен искусствонун чордондуу маселелери жөнүндөгү кылдат, баамчыл көз караштан улам жаралган, көркөм тажрыйбага каныккан адабий-теориялык чулу ойлор. Аристотель, Буало, Лессинг, Чернышевский, Белинский, Горькийлердин көркөм адабият, анын премети, анын спецификалык өзгөчөлүктөрү ж.б. толуп жаткан маселелери боюнча теориялык ойлорун андан ары өнүктүрүп, аларды жаңы мазмун менен байытып жаткандыгы үчүн Ч.Айтматовдун ысмын адабияттын жогорудагы теоретиктеринин катарына коюуга толук негиз бар деген ойго келдик.

Көркөм чеберчиликтин көптөгөн маселелерине Ч.Айтматовдун терең маани бериши, бул жагдайда ар кандай кайдыгерликке тикеден тике келишпестик менен мамиле жасашы ар бир чыгармачылык адамга тиешеси бар үлгү болорлук көрүнүш. Өзүнүн жазган чыгармасы үчүн художниктик ыйык жоопкерчилик деген бар экендигин баса белгилөө менен ал адабияттагы жөнсөктүктү, алсыздыкты дегеле кечирбейт, анткени мындай китептер «өздөрүнүн көркөмдүк жактан жардамсыздыгы менен окуучунун көңүлүн кайт кылат». Ал эми жазуучунун көз карашы боюнча мунун өзү кылмышка тете.

Ч.Айтматов улуу көркөм сөз чеберлеринин салтын улап, көркөм адабияттын тилине өзгөчө маани берет. Жазуучунун дегеле тил маселеси боюнча пикирлерин жалпыласак, негизинен көз карашында төмөндөгү үч багыт байкалат. 1. Көркөм адабияттын тили. 2. Улуттук тилдин маселелери. 3. Кош тилдүүлүк же билингвизм маселеси. Аталган үч багыттын координациялык борбору көркөм адабияттын тилинде жайгашкан. Дегеним, жазуучу тил маселесин кандай аспектен кароого албасын анын перспективасын барып келип эле адабий тилдин мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүү, корун байытуу, ага камкордук көрүү ишине такайт. Диссертацияда Ч.Айтматовдун жогоруда белгиленген тилдик маселенин үч багыты боюнча эстетикалык көз карашы кеңири анализге алынат жана жазуучунун көркөм чыгарманын тилине өзгөчө маани берери анын Л.Толстой, А.Пушкин, М.Шолохов, М.Горький, А.Чехов, И.Бунин, А.Куприн, М.Ауэзов, Д.Кугультинов, С.Эралиевдердин сөздүн сыйкыр күчүн жаратуудагы чеберчиликтери боюнча айткан пикирлерине негизделип тыянак чыгарылат.

Айтматовдун сөз кудуретине бөтөнчө маани берери, ага ишенерин диссертациянын автору жазуучунун өзүнүн көркөм тажрыйбасын эске алуу менен да далилдейт.

Айтматовдун адабий-эстетикалык көз карашын иликтөөдө төмөндөгү бөтөнчөлүктү байкадык. Жазуучу адабияттын тигил же бул маселеси тууралуу теориялык жоболорун айтууда жалаң эле улуттук адабияттын көркөм тажрыйбасынан чыкпайт, анын эстетикалык ой-корутундулары орус жана дүйнөлүк адабияттын көркөм тажрыйбасына негизделип айтылат, б.а, дүйнөлүк адабияттагы профессионалдуулуктун бийик чен-өлчөмүнөн мамиле жасайт. Улуттук адабияттагы провинциалдуулук, аймактык чектелүүгө бүтүндөй чыгармачылыгын каршы коюп, изденүүнүн жаңы тилкесине умтулган жана аны табууга атайылап аң-сезимдүү түрдө тап койгон жазуучуда мындан башкача болушу мүмкүн эмес эле.

Жазуучунун адабий-эстетикалык көз карашын иликтеп жатып, анын социалисттик реализм методуна карата көз карашына токтолбой өтүү эч кандай логикага туура келбейт.

Анын үстүнө Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы да социалисттик реализм методунун негизинде өнүгүп, калыптанган, белгилүү көркөм-эстетикалык бийиктигине жеткен чыгармачылык экендиги бардыкка маалым.

Ч.Айтматовдун совет доорундагы социалисттик реализм методу менен алака-катнашынын күңгөй-тескейин кеңири анализге алган адабиятчы К.Асаналиевдин эмгегиндеги[1] социалисттик реализмге карата жазуучунун мамилеси тууралуу концепцияларына кошулуу менен диссертациянын автору андагы ойлорду андан ары өнүктүрөт.

К.Асаналиевдин Ч.Айтматовдун «социалисттик реализмдин «кишендеринен» бошонуу аракетин улуттук адабияттын алкагында кароосу маселени өтө эле жупунулаштырарын белгилөө менен диссертацияда автор жазуучунун алгачкы дебюту болгон «Бетме-бет», кийин «Жамыйласы» ошол мезгилдеги СССР элдеринин адабияттарынын контекстине койгондо да жаңы окуя болгондугуна токтолот. Ал повесттерде көрсөтүлгөн турмуш советтик чындыкка шайкеш болбой, андагы сүрөттөлгөн адам мүнөздөрү да традициялуу оң каармандын талаптарына дал келбегендиктен көптөгөн адабият билермандарынын кучунашына тийген. Ушунун өзүндө да Ч.Айтматовдун социалисттик реализмге карата ачык позициясы турганын баамдоого болот эле.

Чыңгыз Айтматов - адабияттын маселелерине тар, утилитардык позициядан мамиле жасабастан, адабият аркылуу, сөз өнөрү менен бүтүндөй дүйнөлүк прогресске кызмат кылууну өзүнүн ыйык милдети деп сезген, алдыңкы прогрессивдүү идеялардын деңгээлинде ой жүгүрткөн кылымдын улуу ойчулу, даанышманы. Дүйнөлүк прогресске кызмат кылуу идеясы жазуучу кайсы көркөм методдо жазбасын, кандай адабияттын өкүлү болбосун чыгармачылыкта эң башкы, чечүүчү идея болушу керек. Ч.Айтматов тигил же бул конкреттүү шарт, жагдайга ылайык айрым бир учурларда социалисттик реализм методуна артыкчылык бергени болбосо, негизинен социалисттик реализмди реализмден өтө эле чектеп, алкагын сызып койбойт, тескерисинче, көпчүлүк учурда экөөн бир түшүнүк катары эле караган учурлары арбын.

Дегеле Ч.Айтматов үчүн коомдук түзүлүштүн кандай формада экендиги аны менен шартталган, негизделген көркөм методдун формалары унгулуу мааниге ээ эместей туюлат. Ал үчүн биринчи пландагы нерсе-жалпы адамзат маданиятынын тагдыры, биздин планетадагы нравалык таза климатты сактоо үчүн болгон жалпы жоопкерчиликти түшүнүү сезими. Дүйнөдөгү эң башкы жана кымбат нерсе адам экендигин чыгармачылыктын бүткүл күч-кубаты аркылуу ачуу идеясы ар кандай реализмдин уюткусу экендиги Ч.Айтматовдун бүтүндөй эстетикалык көз карашынын негизин түзөт.

Ч.Айтматовдун социалисттик реализмге карата эстетикалык көз карашын иликтөө бизди төмөндөгүдөй корутундуга алып келди. Ч.Айтматовдун көз карашында чыгарма кайсы методдо жазылышы аркылуу бааланбайт, кеп анын кандай жазылышында. «Социалисттик реализм, сынчыл реализм, магиялык реализм» деп каалагандай атай берсек болот. Эң негизгиси-төрт тарабы төп келген чыгарма болсун» деген Ч.Айтматовдун пикиринде чоң маани жатат.

Биринчи бөлүмдүн үчүнчү главасы **«Ч.Айтматовдун фольклордук-эстетикалык принциптери»** деп аталат жана ал жогорудагы главанын логикалык уландысы болуп саналат. Бул главада жазуучунун фольклорго карата эстетикалык принциби изилдөөгө алынып, ал боюнча жалпы корутундулар чыгарылат.

Азыркы кыргыз адабиятынын генетикалык негизи мындан миңдеген жылдар илгери жаралып, кылымдардын кыйырын оозеки түрдө жашоо менен басып өтүп, бүгүнкү күнгө чейин келип жетип олтурган өлбөс-өчпөс элдик оозеки көркөм мурасыбыздын туу чокусу

[1] Асаналиев К. Чыңгыз Айтматов: Кечээ жана бүгүн. - Бишкек. -1995.



болгон «Манас» эпосуна, байыркы жана орто кылымдагы түрк элдеринин жазма эстеликтерине, ошондой эле индивидуалдуу чыгармачылыктын башатында турган акындар поэзиясына барып такалат. Өзүнүн басып өткөн тарыхый жолунда элдик көркөм ойлоо сапаттык өзгөрүүгө тушукту. Байыркы жомок, уламыштар, элдик эпостордон көп пландуу, көп катмарлуу повесть, романдарга, акын-импровизациядан философиялык поэмага чейинки жолду басып өттү. Коомдук өнүгүүнүн ар кандай тарыхый-конкреттүү шарттарынан улам мазмундук-маанилик, формалык табияты альмча-кошумчаланып, жөнөкөйдөн татаалдашып жүрүп олтурганы менен да эл генийи жараткан көркөм дөөлөттүн өзөк маселесинин түп насили ошол бойдон кала берди. Ал элдин эркиндик-теңдик, достук-бир туугандык, адилеттик, акыйкаттык тууралуу ак тилеги, астейдил кыялы эле. Элдик акылман ойдун берметтери болгон оозеки чыгармалардагы даңазаланган жогорудагы маселелер улам кийинки муундун көңүлүн өзүнө бурду. Күн санап өнүгүп, татаалданып бараткан дүйнөнүн ар кыл ташпишин туура түшүнүүдө, андап билүүдө, азыркы учурдагы реалдуу көрүнүшүнө обьективдүү баа берүүдө, замандын, доордун, коомдук-саясий өнүгүүбүздүн келечегине прогноз коюда элдик баа жеткис руханий мурастарыбыз ар дайым зор идеологиялык, нравалык, психологиялык, тарыхый таяныч болуп кала берүүдө.

Өзүнүн улуттук адабияттагы замандаштары, калемдештеринен айырмаланып, Ч.Айтматовдун фольклорго кайрылуусу ага карата эстетикалык көз карашы таптакыр башкача болду. Мында сөзсүз жазуучунун адабий даярдыгы, кругозору, ар тараптуу билимге эгедер бийик интеллектиси, адабий-эстетикалык жогорку татымы (вкус), мезгил тамырынын согушун кармай билген баамчылдыгы зор роль ойнойт. Ошондуктан ал эл генийи жараткан руханий улуу кенчтин барк-баасын, асылдыгын башкалардан өзгөчө көрдү, өзгөчө тааныды, өзгөчө өздөштүрдү.

Бүгүнкү күнгө чейин жазуучунун фольклорго карата мамилесинин эки багыты аныкталып калды. Биринчиси, жазуучунун чыгармачылыгындагы фольклордун орду жана ролу. Экинчиси, элдик оозеки чыгармачылыкка карата жазуучунун көз карашы, эстетикалык принциби. Ырасын айтсак, аталган проблемалардын биринчи багыты азыркыга дейре кандайдыр бир деңгээлде изилденип калды. (Албетте, маселенин дагы изилдөөнү талап кылып турган аспектилери дале арбын-Л.Ү.). Тилекке каршы, экинчи багыт тууралуу минтип айталбайбыз. Айтматов таануучулар тарабынан тигил же бул маселеге байланыштуу анын фольклорго карата эстетикалык көз карашы мезгил мезгили менен каралып келсе да, али күнгө чейин ал системалуу иликтөөнүн обьектиси боло элек, б.а, фольклорго карата Айтматовдун концептуалдык көз карашынын модели али түзүлө элек. Аталган багытты изилдөөнүн экинчи бир зарыл жагдайы бар. Ал мындайча:

Ч.Айтматовдун фольклордун табиятын эмне деп түшүнөрүн, анын көркөм өнүгүүдөгү тарыхый ордуна кандайча баа берерин, фольклор жаратуучуларга берген баасын, мамилесин, фольклор менен жазма адабияттын карым-катнашы, анын келечек тагдыры тууралуу ой-пикирлерин, теориялык жоболорун терең андап үйрөнбөй туруп, дегеле жазуучунун чыгармачылыгындагы фольклордун маанисин, ролун, аны пайдалануудагы чеберчиликке байланыштуу маселелерди түшүнүүгө мүмкүн эмес.

Бүгүнкү күндө фольклорго карата Ч.Айтматовдун эстетикалык көз карашын окуп-үйрөнүүнүн мааниси муну менен эле чектелбейт. Байкап баксак анын мааниси андан да алда канча терең. Биздин байкашыбызда, 1-ден, ал элдик оозеки чыгармачылыктын өзгөчө табиятына дагы да терең мамиле жасоого, 2-ден, адамзатка доорлор, мезгилдер аралык байланыштын түбөлүктүүлүгүн курч сезүүгө, 3-дөн, «байыркы сөз кээде бүгүнкү сөздөн да жаңы» (Ч.Айтматов) экенин баамдоого көмөк берет.

Чыңгыз Айтматовдун фольклордук эстетикалык көз карашын иликтөөдө биринчи эле көзгө урунган нерсе-анын элдик оозеки чыгармачылыкты өзгөчө бир сүйүү менен көкөлөтө баалоосу. Фольклор Ч.Айтматовдун көз карашы боюнча алганда байыркы элдин мүдөө-

Центральная БИБЛИОТЕКА

Аталган факторлордун негизи мурунтадан таанып болсо да, алардын биринчиси, б.а. манас айтуучунун «ашкан интеллектиси» болушу керектиги жөнүндөгү концепция менимче жаңы. «Интеллект» сөзүнүн төркүнүн иликтесек, ал латын тилинен алынып, адамдын ойлонуу жөндөмдүүлүгүн, акыл башталыщын билдирет экен. Мындай адамдар «...не только обладают высокими мыслительными способностями но и тонко чувствуют и воспринимают окружающее, понимают красоту внешнего и внутреннего мира человека»[1]. Демек Айтматовдун терең ишениминде манасчы сөздүн толук маанисинде жогорудагы сапаттарды өзүнө алып жүргөн «ашкан интеллект» болушу керек, ансыз ал жаратккан чыгармада мазмун да, келберсиген көрк да болушу мүмкүн эмес. Сагынбай жана Саякбайлар-жазуучунун ишениминде мына ушундай адамдар.

Диссертацияда Ч.Айтматовдун улуу манасчылар Сагынбай, Саякбайлардын «Манас» айтуудагы чеберчиликтерине берген баасы, эпостук синкретизм тууралуу пикири, кыргыз элинин кенже эпосторуна карата көз карашы да илимий анализге алынган. Ошондой эле Ч.Айтматовдун биздин улуттук кенчибиз болгон Жусуп Баласагындын эмгеги тууралуу көтөргөн демилгеси, жасаган иштери, ак таңдай акындарыбыз, төкмөлүк өнөрдүн төрөлөрү Жеңижок, Токтогулдардын чыгармачылыктарына карата эстетикалык көз карашы да камтылган.

Төкмөлүк өнөрдүн өзгөчөлүгү тууралуу Ч.Айтматовдон баалуу пикирлерди табууга болот. Ырчылык жандуу, аткарылып жаткан чыгармачылык процесстин өзүндө гана бардык көркөмдүк ажарына ээ болот. Ал эми башка шартта таптакыр жыпары аңкыган жытынан ажырап калаарын жазуучу төмөндөгү эки учурду эске алуу менен белгилейт: 1-си, акындык поэзияны кагазга түшүргөндө, 2-си, акындык-импровизатордук поэзияны которуу жана анын маңызын айтып берүү (төкпөй-чачпай) кыйынчылыгы.

Жогоруда айтылгандарды кыскача жыйынтыктасак, жазуучунун чыгармалары сыяктуу эле, анын фольклордук-эстетикалык көз карашынын мазмуну да терең, мүнөзү курч жана философиялык чабыты кенен, илимий-теориялык деңгээли бийик экендигин белгилемекчибиз.

Диссертациялык изилдөөнүн экинчи бөлүмү **«Чыңгыз Айтматовдун образдык системасында фольклордун көркөм функциясы»** деп аталып, ал дагы үч главадан турат. Биринчи глава **«Автордук идеялык-эстетикалык концепция жана фольклордук сюжет»** деп аталат да ушул аспектен жазуучунун «Гүлсарат», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт», «Чыңгызхандын ак булут» повесттери илимий иликтөөгө алынат.

Ч.Айтматовдун поэтикасында фольклордун көркөм-эстетикалык функциясы ар түрдүү. Бул тууралуу буга чейин көптөгөн ойлор-пикирлер айтылды. Бирок ошондой болсо да аталган маселе толук жана биротоло чечилип калды деген али эрте. Улам мезгил өткөн сайын ал жаңыча позициядан каралып, такталып, толуктала бермекчи. Маселен жазуучунун «Гүлсарат» повестиндеги фольклордун көркөм-эстетикалык функциясы, менимче бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн дале болсо тиешелүү эстетикалык баасын ала элек. Бүгүнкү күнгө чейин повесттеги «Боз ингендин арманы», «Карагул ботом» сюжеттерин Танабайдын гана психологиялык драмасын күчөтүү үчүн автор тарабынан колдонулган көркөм каражат деп эсептеп, аны чыгарманын жалпы идеялык-эстетикалык контекстинен бөлүп өтө эле жупунулаштырып карап келгенбиз, ал эми маселеге тереңирээк карасак, андагы фольклордук сюжет концепция деңгээлине көтөрүлгөн деп айтууга толук негиз бар.

«Гүлсарат» повести менин терең ишенимимде, биздин коомдук жашоо-турмушубуздун белгилүү бир мезгилиндеги саясий-экономикалык, моралдык-нравалык, руханий-маданий орду толгус жоготууларыбыздын арман күүсү. Анда адабиятчылар адилет белгилешкендей кыргыз айлынын, элинин (жалаң эле кыргыз десек да туура так болбос, ошол советтик

[1] Словарь иностранных слов. Изд. 14-е, исправленное русский язык. - М.: - 1987. -С. 197.



мезгилдеги СССР элдеринин) драмалык катаал мезгилинин картинасы эң бир абийир-ыймандуулук менен чагылдырылган.

Повесттин алкагында сүрөттөлгөн тарыхый мезгилде коомдук жашоо турмушубузда тапканыбыздан жоготуубуз көп болгон экен. Жазуучу совет бийлигинин алгачкы мезгили, согуш учурун андан кийинки т.а. 50-жылдардан кийинки мезгилге контрастуу сүрөттөйт. Орду толгус жоготуулар Танабайдын акыл-оюнда армандуу агылат: «Ата-бабадан калган жакшы салт-санаабызды жоготтук. Жашоодо кунарсыз бир түстүүлүк өкүм сүрдү да калды (бардыгын алюминийден чампалай берүү, брезент чатыр); сөздүн баркын жоготтук («Азыркы жыйналыштагы сөздөрдүн баары оздун куру желн болуп калды», «Азыр айткан сөзүң мезгил менен үндөшүп чыксын десең, эл кандай сүйлөсө, ошондой сүйлөп, (көрдүңүзбү, сүйлөөдө да индивидуалдуулуктун жоголгонун-Л.Ү.) кат окугандай мүдүрүлбөй, кай жерде кандай, кимдин алдында эмне айтуу керектигин билүүң абзел, ошондо гана ишиң оңунан чыгат»; Адамды иш билги жөндөмүнө жараша баалоо, кызматка көтөрүү жоголду, анын ордуна кошоматчылык бааланып, көтөрүлдү. (Ыбрайым), (азыр да бул жагдайда оңуп кете элекпиз-Л.Ү.); адамдын өз алдынчалыгы, инсандыгы жоголду. Адамды тепкилеп, мокотуп, бийликтин кыңк этпес кулуна айландырды. (Чоро, Танабайдын уулу); санакта бөрсек жоготуубуздун түбү жок. Диссертацияда чыгармадагы бул кырдаалдарга кеңири анализ жүргүзүлөт.

Чыгармада сүрөттөлгөн бардык жоготуулардын квинтессенциясы райкомдун Танабайдын маселесин караган бюросунда жыйынтыкталат. Бардыгынан ошол мезгилдин эң коркунучтуусу адамдагы ишенимди жоготуусу болду.

Ишеним-философиялык категория катары Ч.Айтматовдун эстетикалык принцибиндеги башкы нерсе. «Гүлсаратта» да мына ушул ишеним маселеси өтө курч коюлган. Башкаруудагы административдик-бюрократтык стиль, партиянын атына жамынып нравасыздыктын тизгинин кое берүү мезгилинин коомдун, адамдын турмушуна алып келген эң чоң зыяны адамдын өзүнө жана коомдун келечегине ишенимин жоготуп, арабөк калтыруусунда болду. Мына ушунун өзү илгерки муңдуу ырдын ыргагын адамдын жан теңинде кайрадан жаныруусун алып келди.

Диссертациянын автору Ч.Айтматовдун фольклордук сюжетти пайдалануу чеберчилигинин ар кыл аспектилерине токтолот. Маселен Ботосун жоготкон «Боз ингендин арманы» чыгармада түздөн түз кульминациялык нокоттон сүрөттөлөт. «Ээн талаа эрме чөлдө жоголгон ботосун издеп боздогон инген». Аякташы. «...ийиген эмчегинен сүт агып, аяк ылдый куюлат. Ак ботосун издеген, ал эненин ак сүтү...»

Ингендин ботосу эмне болуп, кандай шартта жоголгон. Ал тууралуу сюжетте бир ооз кеп жок. Кеп жоголгонду зарлап, какшап, издеген ингендин трагедиясында. Ак ботонун табылышы, табылбасы да белгисиз. Жазуучу атайылап окуяны драмалык курч чыңалуусунан сүрөттөйт.

Фольклордук сюжетти пайдалануудагы автордун стилдик ыкмасы да ар кандай. Айталы ал ар бир эле учурда тексти толук жана Жайдардын ооз комузда ойноосунда бере бербейт. Экинчи мертебе «Бозингендин арманынын» бир үзүмү Танабайдын жан-теңинде өзүнөн өзү жаңырат.

«Гүлсараттагы» фольклордук сюжеттин кинетикалык рухий энергиясы бөтөнчө Танабайдын бүткүл дил дымагы болгон партиялык билетинен ажырап, ал аз келгенсип, эң жакын досу Чорону акыркы сапарга узатып, жападан жалгыз (максатташы, идеялашы жок) калганда ого бетер күч алат. Бул жолу Боз инген талаа кесип, алда кимди издеп, заркакшап жүргөн адамга айланат.

«Карагул ботом» сюжети (анын «Кожожаш» эпосу менен синтездештирип пайдаланганы тууралуу негиздүү пикирлер бар-Л.Ү.) идеялык мазмуну жакын «Боз ингендин арманы» жомогунан айырмасы повестте ал сюжеттик элементтери толук сакталып берилет.

Диссертацияда чыгармадагы эки жомоктун табиятына анализ берилет, эки жомоктун повесттин сюжеттик өзөгүнөн орун алышынын мезгилдик чеги белгиленет. Автордун көз карашы боюнча «Ак кеме» жомогунун чордонуда турган Ак кеме жазуучунун чебер сүрөттөөсүнүн натыйжасында реалдуулуктан символикага өтөт. Ал жөн эле кыял, көксөө эмес, ал-баланын улуу ишеними, идеялы, баланы активдүү аракетке тарткан ички энергия, аны бактылуу келечекке алып баруучу ишенимдүү компас. Акырында бул турмуштагы ыпыластыктан көңүлү калган баланын «балык болуп» Ак кемеге кетиши да ушуну ырастайт.

Чыгарманын сюжеттик өнүгүшүндө, анын психо-философиялык конфлигинин чечилишинде «Бугу Эне» жомогунун ролу эбегейсиз зор. Жазуучунун чыгармада көркөм иликтөөгө алган маселелери чындыгында түздөн-түз жомоктун өзүндө чечилбейт, бирок да ал маселелердин нак чыгармада сүрөттөлгөндөй чечилишине, менимче, жомок «күнөөлүү». Бекеринен Ч.Айтматов чыгармасынын алгачкы аталышын «Жомоктон кийин» деген эмес, анткени «ал чыгарманын мазмунуна кыйла жакын, шайкеш келип, анын маанисин тагыраак көрсөтүп турган сыяктуу»-дейт автор.

Баланын жан-дүйнөсүндө жашап келген «Бугу Эне» жомогунун материзацияланышы менен (Бугулардын кордонго кириши-Л.Ү.) бардыгы өзгөрүп, адамдардын аракетинде күтүүсүз жосун-жоруктар башталат. «Мүйүздүү Бугу эне» жомогунда сүрөттөлгөн байыркы окуя бүгүнкү адам тарабынан кайрадан кайталанат. Жазуучу чыгармасында чагылдырган олуттуу маселе бул - адамдын тарыхый акыл-эсинин цивилизациясынын өнүгүп-өспөй жатышы. Мунун өзү дүйнөлүк катастрофа, ал адамзатты ойлонтушу, сезтентиши керек. Зилинде Майрык чаар жезкемпирдин (жомоктун каарманы-Л.Ү.) бир кезде айтканы Орозкул, Момун, Сейдакматтардын иш-аракеттеринде кайталанып, ал абийирдин түйүлдүгү болгон баланын өлүмүнө себепкер болуп олтурат.

Дегеле Ч.Айтматовдун чыгармаларында жогорудагы проблема өтө олуттуу коюлуп, изилденип келе жатышын диссертациянын автору Ч.Айтматовдун «Фудзиямадагы кадыр түн» драмасын салыштырып изилдөө менен дагы бекемдөөгө аракеттенет. Турмуш адамдардын баары эле билимдүү болуп, байлыкка жетсе эле оңолуп, жакшы нерселер көп болуп, каранеиттик, арамдык жоголуп кетпестигин драманын окуясы дагы бир жолу тастыктайт. Жазуучунун терең ишениминде «Адамдын жан-теңиндеги маданий көрөңгөнү бардык чаралар менен көбөйткөндө» гана аталган маселе кандайдыр бир деңгээлде оң чечилиши мүмкүн.

«Бугу эне» жомогунун жүлүнүнөн сызылып чыккан элдин алмуздактан берки адалдык жөнүндөгү түшүнүгүн, эңсөөсүн, күрөшүн чыгармадагы баланын ой-тилеги, иш-аракети, кыялдануусунда Ч.Айтматов этиеттик менен өнүктүргөн.

«Ак кеме» повестинин реалдуу сюжеттик катмарын түзгөн турмуштук окуяларда (кордондогулардын өз ара мамилелеринде) бардыгын криссталдаштырып жибере тургандай күчтүү конфликт деле жок. Арамдыктын, каранеиттин алып жүрүүчүсү Орозкул менен баланын чыгармадын сюжетинде кез келүү нокоту деле болбойт. Бирок мындай дегендик чыгармада дегеле конфликт жок дегендикке жатпайт. Негизги конфликт бала менен Орозкулдун идеалдарынын, турмуштук позицияларынын келишпестигине барып такалат.

Көркөм адабияттагы мүнөз жана кырдаал проблемасынын карым-катнашын иликтеген окумуштуу А.Караганов: «Искусство сюжета и проявляется прежде всего в том, насколько умело автор выбрал момент в жизни своих героев, насколько жизненно изображает он события, которые вызрывают затаенные до того противоречия, выталкивают наружу все то, что до их возникновения было приглушено или скрыто в характерах героев и их взаимоотношениях»[1] деп белгилейт.

[1] Караганов А. Характеры и обстоятельства. - М.: Советский писатель. - 1959. -С. 187.



Ч.Айтматовдун сюжет куруу искусствосу «Ак кемеде» дагы жаңы бийиктикке көтөрүлгөн. Жазуучу чыгармада финал үчүн мүмкүн болгон турмуштук варианттардын ичинен баланын жан-дүйнөсүндө идеялизацияланып жашап келген Умай эне Бугунун материализацияланып, аны зөөкүр Орозкулдун бийлигинин кулу болгон таятасынын атышын тандап алышы А.Караганов жогоруда белгилегендей, каармандын (бул жерде баланын-Л.Ү.) буга чейинки катылып жаткан карасанатайлыкка каршылык көрсөтүүчү күчүнүн резервинин сыртка бүтүндөй чыгышына мүмкүнчүлүк ачты.

Ошентип «Ак кеме» боюнча пикирибизди жыйынтыктасак, повестте башынан аягына чейин реалдуу турмуш менен мифтик турмуштун эриш-аркак жашашы чыгарманын сюжеттинин татаал драмалуу болушун шарттаган. «Ак кеме», «Бугу эне» жөнүндөгү жомок-легендалар чыгармадагы бардык окуяларды бири-бирине тыгыз байланыштырып, баяндоонун негизги өзөгү катары кызмат кылган жана ошондой эле чыгармада миф, легенда реалдуулук жазуучунун чебер калеминин алдында атом сыяктуу өзүнчө бир ажырагыс бүтүндүктү түзгөн, сюжетти катмарланткан.

«Кылым карытар бир күн» романына чейинки чыгармаларында жазуучу элдик миф, легенда,жомокторду гана пайдаланып келсе, бул чыгармасынын поэтикалык арсеналына фантастикалык сюжетти да кошкон, ошентип чыгарма реалдуулук, уламыш жана фантастиканын б.а. үч бирдиктин айкалышынан жаралган. Ошого жараша анын сюжеттик-композициялык түзүлүшү да татаалданган.

«Кылым карытар бир күн» өзүнүн кардиналдуу маселелери боюнча Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы үчүн таптакыр жаңы нук, жаңы көрүнүш деле эмес. Ал жазуучунун буга чейинки чыгармаларында ар түрдүү деңгээлде мобилизацияланып келген жанрдык-стилдик изденүүлөрдүн, социалдык-нравалык, философиялык-эстетикалык концепцияларынын өзүнчө бир тарыхый перспективасы катарында кабыл алынат. Эгерде биз романдан жаңылык издей турган болсок, анда ал жазуучунун турмуш чындыгын чагылдыруудагы стилдик ыкмасына, поэтикасына байланышкан. Ч.Айтматов биринчи жолу фантастикалык сюжетке кайрылып, өзүнүн бүгүнкү күндөгү турмуштун карама-каршылыгы жөнүндөгү ойлорун, байкоолорун космологиялык окуялардын метафорасында интерпретациялоого аракеттенгендигин көрөбүз. Ошол эле мезгилде элдик байыркы акыл-эс, философия аллегориялык планда пайдаланылып, азыркы учурдун глобалдуу проблемасы тууралуу окуучуну ойлонууга мажбурлайт. Ал эми эң негизгиси чыгармадагы сүрөттөлгөн ошол фантастикалык сюжеттин, легенданын көркөм-философиялык түйүнү жер адамынын өмүр-тагдырына уюп тургандыгы.

Өзүнүн жаңы жазылган романы тууралуу Ч.Айтматов учурунда мындай деген: «Белгилүү бир улуттук адабияттын өкүлү болуп эле чектелбестен, кандайдыр бир чоң сөздү айтууга милдеттүү экенимди сезем. Мына ушундай маанидеги «чоң сөздү» мен өзүмдүн жаңы романымда - «Кылым карытар бир күндө» айтууга аракеттендим»[1]. Демек, автордун баалоосунда бул роман учурдун маселеси боюнча айтылган «чоң сөз».

Романдын сюжеттик-композициялык конструкциясы «Ак кеме» повестине салыштырмалуу татаал. Анда бири-бирине параллель өнүгүп жүрүп олтурган эки сюжеттик линия бар. Биринчиси, Сары-Өзөктөгү Бороондуу разъездиндеги жумушчулардын кадыресе реалдуу жашоо турмушу, (ал чыгармада ретроспективдүү сүрөттөө ыкмасында берилген), экинчиси фантастикалык сюжет. Чыгармада бул эки сюжеттик өзөк турмуштук шартта бири-бири менен кез болбойт, бирок мындай дегендик, алар таптакыр эле эки башка мезгилде, эки башка мейкиндикте жашаган, бири-бирине эч бир тиешеси жок көрүнүштөр дегенге жатпашы керек. Ч.Айтматовдун чеберчилигинин күчү ушунда, бир караганда ушундай болуп көрүнгөн окуялардын кездешүүсүнүн логикалык чекитин таап, аларды бир негизге

[1] Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз... - 163-б.

байлап, ал аркылуу автордук концепциясын ишке ашыра билет. Мындай шартта авторго ийгиликтүү табылган көркөм ыкма жардамга келет. «Кылым карытар бир күн» романындагы мындай көркөм ыкма «Найман Эне жөнүндөгү» элдик легенда болгон.

Жазуучу Эдигей менен Зарипанын сүйүү драмасын тереңдетип көрсөтүү максатында эл оозунда айтылып жүргөн Раймалы ага менен Бегимайдын сүйүүсү жөнүндөгү легенданы да чебер пайдаланган. Кечигип кездешкен махабатына жетпей, урук башчыларынын куру намыскөйлүгүнүн курманы болгон Раймалынын трагедиясы Ч.Айтматовдун чыгармачылыгында орчундуу орун ээлеген Бийлик жана инсан маселесинин дагы бир адамдын тагдырында көркөм иликтениши. Сөз баркын билбес Бийлик төбөлдөрү, Бийлик кудайлар инсандын жекелик талаптарын муунтуп, өз өкүмдөрүн жүргүзүп жатканы байыртадан берки тарыхыбыздын кара тагы экендигин жазуучу Раймалы менен Бегимайдын тагдыр ташпишинде метафоралык-символикалык каражаттар аркылуу туюнтат. Раймалы Бегимайдын сүйүү драмасы Абуталиптин тагдыры, «Чыңгызхандын ак булутундагы» Эрдене менен Догуландын тагдырлары менен ички логикалык байланышта болуу менен өзүнчө бир проблемалык концептуалдуулукту түзгөн. Ал гана эмес Найман эне жомогунун идеялык мотивинин түпкү негизинде да ушул маселе турат. Демек, чыгармадагы фольклордук мотивдер көркөм каражаттык функцияны аткаруудан өтүп, көп маанилүүлүккө жетип, чыгарманын сюжеттик окуялар аркылуу берилген негизги пафосунун түпкүрүндө жатып, уютку түзүшкөн.

Ч.Айтматов Эдигейдин өмүр-тагдырын көркөм иликтөө аркылуу учурдун татаал саясий-идеологиялык, нрава-философиялык проблемаларын көтөрүүдө обьективдүүлүктөн алыстабайт. Ал гана турсун жер адамынын саясий-коомдук, рухий кызыкчылыгына жооп бере турган Мезгилди жаратып, реалдуулукка каршы чыкпайт. Мындай турмушту, мезгилди бекем, түбөлүктүү түзүү, аны акыл-эске сыйбай турган ар кандай бүлүнүүдөн сактоо биздин планетада жашаган бүткүл адамзаттын саясий-идеологиялык көз карашына, жогорку аң-сезимдүүлүгүнө байланыштуу болмокчу. Мындай насилинде зор масштабдагы, саясий-философиялык ойду Ч.Айтматов романдын сюжеттик архитектоникасына фольклордук-философиялык, фантастикалык-философиялык линияларды киргизүү менен алардын өз ара логика-философиялык карым-катнашында жогорку чеберчиликте ишке ашырган.

Романда Найман эненин өз уулунун колунан курман болгон трагедиялуу тагдыры сүрөттөлөт. Адам баласынын гегемонистик кызыкчылыктын курманы болуп, эс-акылынан ажырап, өзүнчөлүгүн жоготушу-адамзат турмушундагы эң чоң кыямат, трагедия. Адамзаттын өткөндөгү трагедиялуу тарыхынын жандуу күбөсү болгон «Эне бейит» уламышынын саясий-философиялык подтексти ушуну эске салат.

Казангаптын сөөгүн коюу процессиясында Эдигей эске түшүргөн «Эне бейит» уламышынын окуясы ошол мезгилде «конвенция» авианосецинде чечилип жаткан космологиялык проблема менен ассоциативдик ички байланышты түзүп, экөө биригип азыркы илим-техника өнүккөн учурдагы адам баласынын башында турган коркунучтуу абал үчүн биздин планетадагы адамдардын жоопту экендигин айтып тургансыйт.

Ч.Айтматов - ХХ кылымдын улуу ойчулу, улуу гуманист жазуучусу экендигин анын бүткүл чыгармачылыгы далилдейт. Ал дүйнөдө акыл-эссиздиктен болуп кетүүчү ар кандай коо-калдаландан, дүйнөлүк катастрофадан коркот. Адам цивилизациясынын гүлдөшүнө өнүгүп-өсүүсүнө каршы келе турган бардык прогрессти кабыл албайт. «Кылым карытар бир күн» романындагы Паритет-1, Паритет-2 космонавттар өз көздөрү менен көргөн Токой-Төштүктөрдүн гумандуу, келечектүү цивилизациясы жөнүндөгү баян-кабар жазуучунун Жер планетасындагы жалпы адамзатка айтайын, жеткирейин деген улуу жардыгы. Согуш, бири-бирине куралдуу күчтөрдүн артыкчылыгын арттырууга жасаган көшөргөн аракеттер, анын да ар кандай идеологиялык чүмбөттөлүү менен ишке ашырылып жатышы-жер планетасындагы адамдардын аң-сезиминдеги чектелгендиктин айкын күбөсү.



Романдын финалдык сценасында автор космологиялык окуя менен Эдигейдин реалдуу жашоо-турмушунун, маселе-суроосунун кездешүү нокотун берүүсү бекеринен эмес. Мына ушул кездешүү нокотунда романдын бүткүл нерви, нрава-философиялык концепциясы ишке ашат.

Көздөп келген Эне бейитке Казангаптын сөөгүн кое албай калат Эдигей. Анткени ал жер жабык зонага айланган. «Элдин ээлеки тарыхын» кыйратпай, сактап, анын кийинки муундар үчүн сабак болуусун көздөп, өзүнчө аракеттенүүгө бет алат (Сабитжан аны колдобойт-Л.Ү.). Мына ушул учурда транскосмостук калкалоочу «Кырчоо» операциясынын согуштук биринчи ракета-роботу Сары-Өзөктүн бейкут талаасын титиретип, «жүрөктөн шүйдү кетирип, көкүрөктөн күй кетирип» көккө учат. Мындай укмуш алдасташкан алааматта үчөө: Каранар, Жолборс, Эдигей качып барат. Ошол качып баратышканында Найман Эненин жоолугунан жаралган Дөнөнбай куш берки экөөнө эмес, Эдигейге кайрылат, ал адамдын уулу экенин эсине салат. Эмне үчүн Дөнөнбай куш жер макулуктарынын ичинен адамга кайрылып жатат? Анткени, адам гана акыл-эс, аң-сезим деген уникумга жападан жалгыз эгедер жаратылыштын өзгөчө макулугу. Адам гана акыл-эсти туура жолго багыттап, эссиздикти өз учурунда оодуктоого кудуреттүү (Идеялык ушул мотив биринчи жолу «Саманчынын жолунда» Жер эненин Толгонайга кайрылуусунда жаңырганы эске түшөт - Л.Ү.). Ч.Айтматов романда сүрөттөлгөн мифтик, жомоктук, фантастикалык, реалдуу турмуштук сюжеттердин идеялык-маанилик багытын чыгарманын акырында ушундайча бир концепциялык түйүнгө түйөт.

Ч.Айтматов жуанжуандар тарабынан Жоломандын башына күчтөп кийгизилген ширинин семантикалык маанисин турмуштук негизден планетардык масштабга кеңейткен б.а., жеке адамдык акыл-эстен ажыратып манкурт болууну жалпы адамзаттык акыл-эске байланыштырып, анын борборуна кайрадан адамды, адамдын жоопкерчилигин койгон. Б.а. көөнөргөн сөзгө көз жеткис бийиктик берген.

Диссертацияда Эдигей ысмынын этимологиясы боюнча да пикир айтылат.

«Кылым карытар бир күн» романында да «Ак кеме» повестиндегидей эле чыгарманын сюжетин уюштурууда «Найман эне» жөнүндөгү легенданын мааниси зор, ал легенда сюжеттин бөтөнчө бир эмоционалдык-экспрессивдик бөлүгүн түзүү менен анын идеялык-философиялык катмарлануусун шарттаган. «Ак кемедеги», «Кылым карытар бир күндөгү» фольклордук мотивдер чыгармадагы каармандардын реалдуу турмуштук конфлигинин эмес, идеалдардын, турмуштук принциптердин кагылышын көрсөтүү үчүн жазуучу тарабынан чебер табылган стилдик каражат, ыкма.

Экинчи бөлүмдүн Ш главасында Ч.Айтматовдун «Кыямат» романынын көркөм структурасындагы фольклордун ролу иликтенип, ал «Турмуш чындыгы жана фольклордук синтез» деп аталат.

1986-жылы жарык көргөн Ч.Айтматовдун «Кыямат» романы анда коюлган проблеманын курчтугу, глобалдуулугу, жаңы көркөм поэтикасы менен коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурду. Бирок романды ар ким ар кандай кабыл алды. Диссертацияда роман тууралуу учурунда жана кийин айтылган сынчыл көз караштарга кеңири обзор берилет. Өзгөчө романдын формалык мүнөзүнө карата айтылган адабиятчы А.Эркебаевдин[1], жаш адабиятчы В.Сабированын[2] «Кылым карытар бир күн», «Кыямат» романдарын дилогия катары карашкан пикирлерин андан ары улантып, диссертациянын автору ага төмөндөгүдөй кошумча киргизет.

---

[1] Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско. - Ф.: Адабият. - 1990. -219-220-б.
[2] Сабирова В. Проблемы времени и простарства в творчестве писателей Кыргызстана 60-90-х годов. Канд.диссер... -Бишкек. -1999. -С. 104.

чувство»[1]. Ч.Айтматовдун «Кыямат» романында сөз болгон маселелер анын авторунун азыркы турмуш көйгөйлөрүнөн улам жан-теңине тынчтык бербеген А.Бочаров айткандай конфликттер экендигин байкоо кыйын эмес. Мына ушул конфликттерди дагы көркөм-эмоционалдуу берүү үчүн Ч.Айтматов «Кыяматта» поэтикалык политрасын жаңыртып дүйнөлүк маданияттын эзелки асылнарктарына кайрылган. Албетте, жагдайдын мындай болушу улуттук фольклордун поэтикалык чама-чаркынын чектелүүлүгүнөн болгон жок, тек гана жазуучунун көркөм сүрөттөө арсеналынын универсалдуулугунан, бай жана терендигинен болгон иш.

Диссертацияда Авдий Пушкин музейинен уккан көөнө болгар чиркөө ырынын философиясы, андан улам ассоциативдик сезим пайда кылган «Жетинин бири» грузин аңгемесинин идеялык-көркөмдүк мазмунуна анализ берилет.

«Жетинин бири» жомогунда автор катаал реалисттик стилде буга чейин мынчалык ачык-айкын айтылбай келген адамзат тарыхынын карама-каршылыктуу бир мезгилин зор батылдык менен сүрөттөйт. Адам коомундагы ар кандай революция канчалык адамдардын өмүрүн алып, адамды адамга касташтырбады. Биз зор канагаттануу менен тарыхка алтын тамгаларда жазып жүргөн, адамдарга теңчилик, эркиндик алып келди деген Улуу Октябрь революциясы да биз буга чейин кубанып, кубаттанып жүргөндөй жалаң гана улуу жеңиштин салтанаты эмес экен. Ал күрөш, жеңиштин ары жагында канчалаган адамдардын, улуттун трагедиясы, драмасы жатат. «Кыяматтагы», «Жетинин бири» аңгеме-жомогунун философиясы ушунда.

Коомдук-тарыхый кырдаал да адамды арамдыкка, бири-бири менен душмандашууга аргасыз кылганына эмне демекпиз, анын суроо-сопкуту кимге? (Азыркы мезгилде да бир тууган элдер өздөрүнө өздөрү ок атышып, душмандашып жатканын кандайча түшүндүрөбүз).

Жазуучу «Кыямат» романындагы реалдуу окуя жана болмуштардын синтезинде окурмандарына адамдар өз ара мунасалары келишпегендиктен улам өз жашоолорун өздөрү татаалдаштырып, өз кыяматтарын өздөрү жакындатышып жатканын билер бекен деген собол таштайт.

Грузин болмушунун идеялык мотиви бүгүнкү күндүн реалдуу чындыгында башкача мезгилдик, мейкиндик алкакта кайталанып жатышын Ч.Айтматов Авдийдин башынан өткөргөн окуяларын сүрөттөө менен андан ары тереңдеткен. Ал азыркы XX кылымдын драма-трагедиясы катары философиялык жалпылануута жеткирилип, курч коюлат. Нашакорлордун-хунталардын пайда болушу азыркы коомдун саясий-социалдык, маданий нравалык негиздеринин бекем эместигинен экенин жазуучу жаап-жашырбайт. Эң коркунучтуусу алардагы адамдыкты өркүндөтүп, туура жолго салууда бекем ишеним жараткан бүгүнкү күндө диндин эски постулаттарын жерип, «кудайдын бүгүнкү күнгө ылайыктуу жаңы формасын» издегендиги да ушундан. Ч.Айтматов «Кыяматта» айрым бир сынчылар айтып жүрүшкөндөй, кудайды эмес, адамды тазартуунун жаңы жолун, жаңы акыйкатты издеген. Анын бирден бир жолу катары өкүнүүнү нравалык катарсис катарында сунуштайт. Авдийдин нашакорлор жана кунталар менен болгон идеялык күрөшүнүн стратегиялык негизде мына ушул маселе турат.

Адам коомунун өксүктөрү адамдагы өзүнө, келечекке болгон ишенимин таптакыр өлтүрүп бүткөндүгү Авдий менен нашакорлордун башчысы Гришандын ортосундагы диалогдо апачык, жылаңач чындык катары автор тарабынан алынып чыгышы жүрөк титиретет. «Курсак тойбогон кур сөз», ишке ашпаган программа, реформалардан адамдар бүгүн да тажап бүткөндүгүн Ч.Айтматов метафоралык поэтиканы ыктуу пайдалануу менен

[1] Бочаров А. К ядру и по касательной. Земное притяжение. - В кн.: Перспектива-87. Советская литература сегодня. -М.: Сов.писатель. - 1988. -С. 263-264.



туюнткан. Демек, адамдардын ниетиндеги карама-каршылыктардын жакшылык жагына оошу үчүн коомдогу карама-каршылыктарды жоюп, коомдун өзүн асылдандыруу керек. Ал аркылуу адамга ишенимин кайтарып берүү керек.

«Бул жашоодо бардыгы сатылат жана сатылып алынат», «акча бардыгын чечет» деген ишенимди өздөрүнүн турмуштук кредосуна, психологиялык догмага айландырып алышкан нашакорлордун, хунталардын ишенимин бузуу Авдийге оңойго турбайт. Ага да өз иш-аракетине моралдык-духтук түркүк болуп берүүчү идеал зарыл эле. Ч.Айтматов турмуштук мүмкүн болгон варианттардан реалдуу жана көркөм чындыктын логикасына туура келген жападан жалгыз вариантты таап, аны автордук ойду, чыгарманын негизги идеясын ишке ашырууда катализатор катары ийкем пайдалана алган. Ошентип романдын көркөм структурасына кирген Инжилдик сюжеттеги Иисус Христос чыгармада Авдийдин духтук устаты катары сүрөттөлүп, ага өзгөчө өң-түс киргизген.

«Кыяматта» Инжил мифологиясында Понтий Пилат менен Иисустун диалогунда кайрадан Бийлик шовинизми жөнүндө олуттуу сөз козголот. Адамдардын бири-бирине бийлик кылуусуз жашай албастыгы, ал эми бири-бирине үстөмдүк кылуу, бири-бирин көз каранды психологияда кармоо Бийлик институту болгон жерде турган иш экендиги Инжил мифологиясынын өзөктүү идеясын түзгөн. Бийлик адилетсиз болгондо карапайым элдин шору, ал эми адилеттүү бийлик жүргүзүү адам рухунун жетилүүсүнө байланыштуу жана көз каранды.

«Адамга баарынан кыйыны - күн сайын адам болуу»-«Кыямат» романынын негизги концепциясы жана айтматовдук философиянын маңызы ушул. Ч.Айтматов «Кылым карытар бир күн» романында Найман-эненин жоолугунан жаралган куш Эдигейдин эсине «сен бардыгына жооп бересиң, сен адамсың» деп, анын адамдыгын эсине салып олтурса, «Кыяматта» жазуучу автордук ушул эле концепциясын бекемдеп, адамдын жыргалчылыкта жашоосунун ачкычы да адамдын өзүнүн колунда экендигин Инжил мифологиясы аркылуу бекемдейт. Адамдардын мындай акыйкатка көздөрүнүн ачылышы жөн карды эле келе койбойт. Ал үчүн канчалаган таза өмүрлөр кыйылат.

Алмуздактан бери адамзат жашоосунун түпкүлүктүү карама-каршылыгын түзгөн адамдардын өз ара мунаса келишпестигинин масштабын кеңедейден кеңейтип жүрүп олтуруп, жазуучу аны ааламдык кыяматка чейин алып барып такайт. Айтматовдун гуманисттик концепция Инжил мифологиясы менен прожектордун күчтүү нурларындай чагылдырылып, дүйнөдөгү бейпилдикти сактоо, адамгерчиликтүү жашоого умтулуу азыркы учурда зарылдын зарылы экенин адамзаттын эсине салат.

«Чыныгы тарых али баштала элек, адамгерчиликтин жаркын тарыхын баштоого мезгил жетти»- дейт Ч.Айтматов өзүнүн каарман Иисустун пикири аркылуу. Айрым бир адабиятчылар белгилеп жүрүшкөндөй роман-синтезде сүрөттөлгөн бардык окуянын эпицентри болгон Авдий жалаң гана автордук идеалдан жаралган, ичи көңдөй, турмуштук негизи жок сөлөкөт каарман эмес, чыгармада анын идеалдык да (Иисус), реалдуу да (Бостон) өнөктөшү бар. Чыгарманын сюжеттик-композициялык конструкциясында өз өзүнчө өнүгүүгө ээ болгон сюжеттик окуяларда аталган каармандардын турмуш жолдорун түздөн-түз кездештирбестен Ч.Айтматов өзүнө гана мүнөздүү болгон сүрөткерлик чеберчилик аркылуу алардын ассоциативдик-логикалык биримдигин түзө алган.

Авдийдин бардык күрөштөрүнүн негизинде ишеним жана адамдык абийир тургандыгын көрсөтүү Ч.Айтматов үчүн биринчи кезекте маанилүү. Ошондуктан жазуучунун Инжил мифологиясына кайрылуусу «Кыямат» романынын ички зарылдыгынан улам келип чыккан десек болот. Иисустун бийик ишенимине, чыныгы дөөлөт үчүн абийир-ыймандуу күрөшүнө кайрылуу бүгүнкү күндүн чоң маселесин күчтүү берүүгө Ч.Айтматов үчүн зарыл болгон.

Ч.Айтматовдун «Кыямат» романын анализге алуу диссертациянын авторуна төмөндөгүдөй корутундуларга келүүгө негиз берди. «Кыямат» романы жазуучунун фольклордук сюжетти пайдалануу, жаратуу чеберчилигинин универсалдуулугун толук тастыктоо менен бир эле көркөм чыгарманын алкагында бири-биринен духу, мүнөзү, табияты боюнча кескин айырмалуу элдердин тарыхый тажрыйбалары, философиясы, идеялык бир мотивге биригип, «кызмат» кылууга мүмкүн экендигинин дүйнөлүк көркөм тажрыйбада жаңы перспективасын ачты. Экинчиден, фольклор кылымдардын кыйырынан өтүп, азыркы дүйнөнүн ар кыл социалдык-экономикалык, нрава-психологиялык, моралдык-этикалык ж.б. маселелерин туура түшүнүүдө жана чечүүдө азыркы реалисттик искусствонун сүрөттөө каражаттарынын ажырагыс компонентине айланарына толук ишеним жаратты.

«Кыямат» өзүнүн жаңы поэтикалык табылгалары менен кыргыз адабиятынын баркын дүйнөлүк көркөм өнүгүүнүн бийиктигине көтөргөн XX кылымдын шедеврлеринен болуп калды.

Белгилүү адабиятчы О.Ибраимов өзүнүн Ч.Айтматовдун «Кыямат» романына жазган соңку сөзүндө, «азыр дүйнөлүк адабиятта (Ч.Айтматов-анын алдыңкы катарында арып керген таанымал устаты экендиги бештен белгилүү) сюжеттин же окуянын жүрүшүнө эмес, анын универсалдык маанисине, философиялык куйкумуна каймана мазмунуна кызыгуу өтө күчөп турган убак. Сынчылар аны архетип, философиялык тамсил (притча) же масел, көркөм метафора, мифо-поэтикалык ой жүгүртүү деген түшүнүктөр менен туюнтушту»[1]- деп белгилейт. Ырасында да 70-жылдардан берки көркөм сүрөттөөнүн башта болуп көрбөгөндөй жаңы типтери, формалары көп түрдүүлөндү. Жазуучулар учурдун ар кыл көйкөй маселелерин адамзаттын акыл-эсине жеткире сүрөттөөдө, анын адамдык көрөңгөсүн асылдандырып, өз рухуна революция жасашына таасир этүүдө өздөрүнүн чыгармачылык палитрасынын боекторун улам жаңылантып, баштагыдай конкреттүү бир өң-түс менен эмес, боектордун түркүн түсүнөн гамма жаратып, изденип иштешүүдө. Буга Ч.Айтматовдун кийинки «Кассандранын тамгасы» романы да күбө.

«Кассандранын тамгасы» романында биздин иликтөө проблемабызга туура келе турган көркөм-эстетикалык каражат дегеле жок. Анда жазуучунун азыркы учурдун карама-каршылыктуу чындыгы тууралуу философиялык ой-туюму, көз карашы фантастика менен реализмдин бири-бири менен органикалык айкашуусу аркылуу ишке ашат. Ооба, мында да негизги маселе-адам духун өркүндөтүү, аны менен дүйнөнү эсхатологиялык кризистен сактап калуу. Бирок бул маселе идея, мифо-поэтикалык каражаттар аркылуу туюнтулбастан, фантастикалык-метафоранын жардамы менен курч жана күчтүү чагылдырылган.

Ч.Айтматовдун жаңы романы өзүнүн көркөм поэтикасы боюнча канчалык башкача, жаңы болбосун, канткен менен да анда көркөм ойлоонун эпикалык башталышы катышып тургандыгын танууга болбойт. Бул чыгарманын жалпы эле духунан, мүнөзүнөн байкалып, сезилип турат. Ошондой болсо да сөздүн толук маанисинде романда фольклордук мотив, сюжеттер кездешпегендигине байланыштуу биз ага ишибизде кайрылууну ылайык таппадык.

Ошентип, «Чыңгыз Айтматовдун поэтикасы жана кыргыз элдик фольклору» деген аталыштагы диссертациялык изилдөөбүздүн аягына чыгып олтуруп, төмөндөгүдөй корутундуга келдик.

Чыңгыз Айтматов - ар тараптуу чыгармачылык талантка ээ инсан. Ал мыкты журналист, курч публицист, ошондой эле акындык жайы да бар. Чыгармачылыгынын алгачкы күнүнөн азыркыга чейин ар бир мезгилдин коомдук-саясий, социалдык, адабий-маданий, нрава-этикалык маселелерине жигердүүлүк менен активдүү катышып, адамзат жашоосунун ар кыл сферасына атуулдук үнүн кошуп келет. Айтматовдун маектери,

[1] Ибраимов О. Адамзат арпетин айтып. Китепте. Айтматов Ч. Кыямат. - Фрунзе. Адабият. - 1988. - 343-б.



публицистикалары, чыгып сүйлөгөн сөздөрү өзүнүн философиялык-теориялык мазмундуулугу, актуалдуулугу, концептуалдуулугу менен окуучунун көңүлүн бурат, көркөм чыгармалары сыяктуу эле адамды ой-түйшүккө салат, активдүү граждандык позицияга чакырат. Ал эми эң негизгиси: Айтматов-сүрөткер, Айтматов публицисттин портрети айкалыша келип, улуу жазуучунун уникалдуу феноменинин толук ачылышын шарттайт, анын жан дүйнөсүн, рухий дасмыясын ачат.

Айтматовдун гуманисттик, демократиялык, тынчтыкты сүйүү ж.б. толуп жаткан улуу идеялары көркөм чыгармалары менен катар эле ар кыл темадагы макалаларынын, интервьюларынын да өзөгүн түзөт. Жер планетасындагы адамзатка тиешелүү болгон бардык маселелер Айтматов - публицист, Айтматов-сүрөткердин жүрөгү аркылуу өтүп, «Бардыгы баарыга тиешелүү» экендигин адамдын эсине салып туруудан жадабайт, публицистикаларында да, көркөм чыгармаларында да талыкпастан, өжөрлүк менен «канткенде адам уулу адам болорун» изилдеп келет.

Жазуучунун чыгармачылык политрасы аябагандай бай жана универсалдуу, баяндоо сүрөттөө стили көп түрдүү, полифониялуу. Бир эле чыгарманын алкагына лиро-романтикалык, реалисттик, катаал реалисттик стилдерди сыйлыгыштырып, реалисттик-турмуштук, мифтик-метафоралык, фантастикалык-метафоралык сүрөттөөнүн гармониясын түзүүгө устат. Албетте, алардын ичинен жазуучунун философиялык көз карашын, дүйнөтаанымынын кең-кесири, эмоционалдык-экспрессивдик мүнөздө берүүдө кыргыз элинин бай жана универсалдуу фольклорунун ролу, мааниси өзгөчө.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгында «Манас» эпосу башында турган элдик фольклордун духу, руху катышпаган учур жокко эсе. Белгилүү бир тарыхый-коомдук жагдайдан улам бул маселени тикелей моюнга алуудан мурунку убактарда жалтактап келсек да, кийинки мезгилде тарыхый чындыкты өз өз ордуна коюуну Мезгил өзү талап кылып жаткан шартта Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы фольклордун ордун, ролун кайрадан кароо мүмкүнчүлүгү кеңири ачылды. Ошонун натыйжасында адабият таануу илиминде жаңыча концептуалдуу илимий-теориялык, практикалык жыйынтыктар чыгарылды. Алар:

-Ч.Айтматовдун көркөм көрөңгөсү улуттук эпикалык дөөлөттөр менен терең тамырлаш. Жазуучунун көркөм ойлоосунун стихиясында ал дайыма катышып турат.

-Жазуучу элдик акыл-эс, жараткан «байыркы сөздөгү» гуманисттик, философиялык чулу ойлордун каймагын калпып өз чыгармаларында бүгүнкү күн проблемасына жуурулуштуруп берет. Бирок ал эч убакта байыркы жомокту баштапкы абалында бузбай пайдаланбайт, жазуучулук эркиндик ал жомокторду эркин синкреттештирүүдөн, трансформациялап пайдалануусунан көрүнөт.

-Элдик эпосторду, миф, легендаларды өздөштүрүп пайдалануунун жогорку чеберчилигине жетишкен жазуучу турмуш чындыгын аллегориялык-метафоралык чагылдыруу зарылдыгынан улам өздүк жомогун, философиялык притчасын жаратууга жетишкен.

Ч.Айтматовдун фольклорго кайрылуусунун себептерин иликтөө бизге төмөндөгүдөй корутундуларга келүүгө мүмкүндүк берди.

-Ч.Айтматовдун фольклорго кайрылуусу кокустук эмес, бул-чыгармачылык изденүүнүн ички зарылдыгынан улам пайда болгон табыгый көрүнүш.

-Жазуучунун фольклорго кайрылуусу көркөм адабий процессте жекече көрүнүш эмес. Ал СССР элдеринин адабий процессинин жана дүйнөлүк адабий процесстин контекстинен алып караганда 60-жылдардан кийинки жалпы адабий процесске мүнөздүү көрүнүштүн бир салаасы гана. Анын чыгармаларында фольклордун орду жана маанисин окуп үйрөнүү тээ 60-жылдары кандай актуалдуу болсо, бүгүн дагы күчүндө экендиги айныксыз чындык.

Демек фольклорго, дегеле көркөм сөз өнөрүнө карата Ч.Айтматовдун түпкүлүктүү принцибин, эстетикалык көз карашын андап үйрөнмөйүнчө жазуучунун поэтикасындагы

миф, легендалардын маани-маңызын түшүнүп, ага реалдуу баа берүү мүмкүн эмес экендигинен улам анын адабий-эстетикалык көз карашына кайрылуу зарылчылыгы туулду. Жазуучунун эстетикалык көз караштарын карап чыкканыбызда төмөндөгүлөр аныкталды.

-Ч.Айтматовдун адабий ишке олуттуу маани берери, ал үчүн көркөм адабиятка тиешелүү бардык маселелердин (темадан баштап, проблема, образ, поэтика, метод, таасир ж.б.) чоңу же кичинеси жок экендиги;

-Көркөм чыгарманын борборунда дайым Адам, анын тагдыры, жашоосу турары боюнча өзүнө чейинки адабий-теоретиктердин эстетикасын улантуу менен бүгүнкү күндүн адабиятынын алдында адам рухун өркүндөтүү, өстүрүү, ачуу, ага кишиликтүү, гумандуу идеяларды калыптандыруу, өзүнө ишенимин кайтарып берүү экендигине олуттуу мамиле жасаары;

-Ч.Айтматовдун адабият менен искусствосунун түбөлүктүү, чордондуу маселелери жөнүндө кылдат, баамчыл көз караштан жаралган илимий-теориялык пикирлери мезгилдин агымы менен өзүнүн проблемалык актуалдуулугун эч бир жоготпостугу;

-Фольклор жазуучунун көз карашында байыркы элдин гана мүдөө-талаптарын канагаттандырып аракет талаасынан чыгып кетчү эстетикалык кубулуш эместиги, андагы философиялык ойлор бүгүнкү күндүн глобалдуу маселелерин чечүүгө активдүү катышууга жөндөмдүү экендиги;

-Фольклордук чыгармалардын күчү жана түбөлүктүүлүгү андагы күчтүү адам рухунун бардыгына байланыштуулугу жана фольклордо гуманисттик идеялардын жыштыгы.

-«Манас» эпосу жазуучунун терең ишениминде дүйнөлүк эпикалык практикадагы уникалдуу көрүнүш экендиги. Андагы баатырдык пафостун күчтүүлүгүнө карабастан -ал сөздүн толук маанисинде «улуу трагедия» экендиги;

-Манасчылык аны жараткан элдик акыл-эстин феноменинин бир кадыресе көрүнүшү гана экендиги. Манасчы болуш үчүн ашкан интеллект, опсуз фантазия, артисттик талант, эшиткенин эсели эсинен чыгарбас куйма кулактык керектиги;

-Акындык, төкмөлүк өнөрдүн гүлдөө доору алдыда эмес, артта калгандыгы;

Ч.Айтматовдун жогоруда биз токтолуп белгилеп кеткен ж.б. толуп жаткан эстетикалык көз караштары боюнча жалпылап, мындай корутунду чыгарууга болот.

Жазуучунун көркөм туундулары сыяктуу эле анын көркөм адабият, фольклор, акындар чыгармачылыгына карата эстетикалык принциби конкреттүү, терең мазмундуу, курч жана философиялык чабыты кенен. Ал эми илимий-теориялык аспектен алганда бийик, өтө бийик деңгээлде. Ар бир маселеге жазуучу өзүнүн тиешеси бар деп эсептейт жана анын оң чечилишине эң чоң жоопкерчилик менен мамиле жасайт.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы миф, легендалардын чыгарманын поэтикасындагы көркөм функциясын иликтөө (негизинен алар жаңы көркөм-эстетикалык позициядан каралды) бизге төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга негиз берди.

-Ч.Айтматовдун чыгармаларында фольклордун автордук идеялык-эстетикалык концепцияны ишке ашыруудагы ролу эбегейсиз зор.

-«Жаныбарым, Гүлсары» повестиндеги фольклордук сюжет биз буга чейин белгилеп келгендей каармандын ички драматизмин курчутуп көрсөткөн поэтикалык каражат эле эмес, ал чыгарманын бүткүл идеялык мазмунуна жуурулушкан мифологема, белгилүү бир тарыхый мезгилдеги саясий-экономикалык, моралдык-этикалык жоготууларды туюндурган концепция.

-Ч.Айтматовдун чыгармачылыгында фольклордун улуттук чеги жок, ал универсалдуу мүнөзгө ээ. Айрым учурда бир эле сюжетте эки элдин миф, легендасын синтездеп колдоно билет.



-Жазуучу айрым учурда карандай рационалдуулуктан аң-сезимдүү түрдө качып, реалдуу турмуш чындыгын мифтик-метафора аркылуу терең философиялуу чагылдырууга жетишет («Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт»).

-Автордук идеялык-эстетикалык концепцияны билдирүүдө максаттуу колдонулган элдик миф, легендалар жазуучунун чыгармаларында философиялык притча деңгээлине өсүп жетет.

-Ч.Айтматовдун чыгармаларында пайдаланылган легенда, мифтер, жомоктор айрым учурда автордук комментарий, лирикалык чегинүүлөр менен коштолот, (нукура элдик жомокто ага жол берилбейт) жана окуянын мезгилдик, мейкиндиктик ыраттуулугу да сакталбайт.

Фольклорду өз чыгармаларында пайдалануу жазуучуда системалуу, туруктуу көрүнүшкө өтүп бараткандыгы байкалат жана улам кийинки кайрылуусунда элдин тарыхый акыл эси жараткан рухий байлык жанрдык көп түрдүүлүккө, мазмундук гүлдүүлүккө айланып, чыгарманын сюжеттик тканынын ажырагыс бөлүгүнө өткөн. Ушундан улам Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы фольклордук мотив жана сюжет куруу маселесин иликтөө кызыкчылыгы туулду. Бул жагдайдан жазуучунун чыгармаларын иликтөө төмөндөгүдөй ой-тыянактарды берди.

-Фольклор Ч.Айтматовдун чыгармаларынын сюжетинин өзгөчө бөлүгүн түзөт жана анын идеялык-философиялык катмарлануусун шарттайт.

-Легенда сюжеттин түпкүрүнө чөгөрүлүү менен анын уюткусун түзөт, чыгармага метафоралык-философиялык, символдук-философиялык түр берет («Ак кеме», «Кылым карытар бир күн»).

Фольклорду өз чыгармачылыгында пайдалануунун универсализмин Ч.Айтматов «Кыямат» романында дагы бир жолу жогорку даражада көрсөтүүгө жетишти. Романдын поэтикасында турмуш чындыгын чагылдыруудагы автор тарабынан колдонулган ар башка элдин фольклорунун чыгарманын сюжеттик-композициялык, көркөмдүк структурасына илимий иликтөө жүргүзүүнүн натыйжасында буларды белгилесек болот.

-«Кыямат» романынын көркөм дүйнөсү аркылуу жазуучу бир эле чыгарманын алкагында бири-биринен духу, мүнөзү, табияты боюнча кескин айырмалуу элдердин тарыхый, маданий тажрыйбалары, философиясы идеялык бир мотивге биригип «кызмат» кылууга мүмкүн экендигин дүйнөлүк көркөм тажрыйбада перспективасын ачты.

-Фольклор азыркы реалисттик искусство менен эриш-аркак жашай ала турганын жана анын бүгүнкү күндүн курч проблемасын чагылдырууда ажырагыс көркөм компоненти боло ала турганын толук жана биротоло тастыктады.

-Ч.Айтматов өзүнүн улуттук фольклорунун сыйкырдуу дүйнөсүнө канчалык терең сүңгүп кирген сайын анын рухий талаптары башка, кээде улуттун кыртышына дегеле жакын коошпогон элдердин фольклоруна умтуларын, ошонусу менен фольклордук интернационализм жаратууга жетишкендигин «Кыямат» романы далилдеди.

Ч.Айтматовдун «Мифы прошлого - это духовное богатство, и мы не должны забывать его. Я все время думаю об эпосе. Это многослойное, многогранное создание народной мудрости»[1] деген дагы бир сөзү эске келет. Айтканындай эле «элдин руханий байлыгындагы элдик акылмандуулукту» жазуучу аялуу өз менчигиндей кастарлап, ага улам кийинки кайрылышында философиялык мазмунун, келберсиген дүйнө таанымын дагы тереңдетип ачып олтуруп, экинчи өмүр берди десек түк да жаңылышпаган болор элек. Тескерисинче, Айтматовдун фольклорго жасаган өзгөчө мамилеси бүгүнкү күндө жалаң гана көркөм сөз чеберлеринин көңүлүн элдик оозеки чыгармачылыктын өнөгөлүү салттарына бурдурбастан,

[1] Айтматов Ч. Собр. Соч.в 3-х томах. Т.3. -М.: Молодая гвардия. - 1984. -С. 274.

дегеле жалпы эле окурман журтунун көңүлүн бурдуруута аргасыз кылды, фольклорду «жаңыча» окуубузга түрткү болду.

Дагы бир жагдай, Ч.Айтматовдун көркөм тажрыйбасы менен фольклор адабиятка жаңыча жолдор менен куюла баштады. Ал адабияттын образдык-идеялык сферасына кирди, прозалык деталдардын булагына айланды, кылымдардын кыйырындагы маселелерди таанып билүүгө, аларды бүгүнкү мезгилдин проблемаларына үндөштүрүп, айкалыштырып андап-үйрөнүүгө, алардан нрава-этикалык сабак алууга азыркы күндүн адамына жардамга келди. Албетте, Ч.Айтматовго окшогон чыгаан жазуучунун бул багыттагы көркөм тажрыйбасы бир кайрылуу менен эле бардык аспектилери чечилбеси турган иш. Адабиятчы О.Ибраимов адилет белгилегендей, «сыртынан караганда Айтматовдун чыгармачылыгы майда-чүйдөсүнөн өйдө деле шайма-шай изилденип, жалпыланып жаткандай таасир калтырат»[1]. Бирок да сөздүн толук маанисинде Ч.Айтматовдун чыгармаларынын идеялык терең мазмунун, философиялык, дегеле поэтикасын ар тараптуу илимий иликтөөгө алуу маселеси дагы эле болсо адабиятчы, сынчы, философ, маданият таануучусу жана башкалардын нечендеген муунунун алдында турганы турган.

## Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектер


1. Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. - Ф.: Кыргызстан. -1984. - 8 б.т.

2. Художественное мастерство раннего творчество Чингиза Айтматова /Посвящается 70-летию писателя/ - Бишкек. - 1999. -7,5 п.л.

3. Ч.Айтматовдун адабий-эстетикалык көз карашы. - Бишкек. -2000. - 7 б.т.

4. Чыңгыз Айтматов жана фольклор. - Бишкек. - 2000. - 9,4 б.т.

МАКАЛАЛАР:

5. Оң каарман чеберчиликтин критерийи. //Кыргызстан маданияты. - 1983. - 25-август. - 0,7 б.т.

6. Сын китептеги чаташуулар. //Ала-Тоо. - 1983. - № 9. - 1 б.т.

7. Влияние романы «Путь Абая» М.Ауэзова на формирование художественной концепции Ч.Айтматова. В сборнике: Тюркология-88. - Материалы V Тюркологической конференции. - Ф.: Илим. - 1988. - 0,3 п.л.

8. Азыркы кыргыз прозасынын өнүгүш бөтөнчөлүктөрү. - Жыйнакта: Кыргыз адабиятынын актуалдуу маселелери. - Ф.: 1988. - 1 б.т.

9. Адам, коом жана Гүлсарат. Китепте: Ч.Айтматов жана азыркы руханий маданият. - Бишкек. - 1993. - 1 б.т.

10. Эдигейдин чындыгы. Китепте: Үкүбаева Л. Адам дүйнөсү көркөм образда. - Бишкек. Илим. - 1994. - 0,7 б.т.

11. Азыркы кыргыз прозасынын өнүгүшүнүн негизги тенденциялары. Китепте: Үкүбаева Л. Адам дүйнөсү көркөм образда. - Бишкек. Илим. - 1994. - 0,4 б.т.

12. Мухтар Ауэзовдун Чыңгыз Айтматовго таасири. Китепте: Үкүбаева Л. Азыркы кыргыз адабиятынын арымы. - Бишкек. Илим. - 1995. - 0,5 б.т.


[1] Ибраимов О. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы адам концепциясы. //Кыргызстан маданияты. - 1979. - 20 - декабрь.




13. 60-жылдардагы кыргыз прозасы /2-макала/. Китепте: Үкүбаева Л. Азыркы кыргыз адабиятынын арымы. - Бишкек. Илим. - 1995. - 0,3 б.т.

14. Кыргыз прозасынын кийинки он жылдыктагы арымы /3-макала/. Китепте: Үкүбаева Л. Азыркы кыргыз адабиятынын арымы. - Бишкек. Илим. - 1995. - 0,3 б.т.

15. Чыңгыз Айтматовдун адабий-эстетикалык ойлору. Китепте: Үкүбаева Л. Азыркы кыргыз адабиятынын арымы. - Бишкек. Илим. - 1995. - 0,5 б.т.

16. Ч.Айтматовдун адабият жөнүндөгү эстетикалык көз караштары. //Дил журналы. /Түркия/. - 1995. - 0,5 б.т.

17. «Манас» дастаны жөнүндөгү Ч.Айтматовдун эстетикалык көз карашы. - Манас-1000. Бишкек билдирүүлөрү. - Анкара. - 1997. - 0,5 б.т.

18. Чыңгыз Айтматов жана фольклор. Жыйнакта: Түрк элдеринин тили жана адабиятынын актуалдуу маселелери. /Ч.Айтматовдун 70 жылдыгына арналган Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары/. - Бишкек. - БГУ. - 1998. - 0,3 б.т.

19. «Манас» эпосу тууралуу Ч.Айтматовдун эстетикалык көз карашы. Жыйнакта: Түрк элдеринин тили жана адабиятынын актуалдуу маселелери. /Ч.Айтматовдун 70 жылдыгына арналган Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары/. - Бишкек. - БГУ. - 1998. - 0,3 б.т.

20. Чыңгыз Айтматов акындар поэзиясы жөнүндө. Жыйнакта: The nature of University. Education and Research. //Природа университетского образования /Материалы научно-практической конференции Американского университета в Кыргызстане/. - Бишкек. - 1999. - 0,3 б.т.

21. Чыңгыз Айтматов манасчылык феномен жөнүндө. //Озмительские чтения - 99. /Материалы филологической конференции/. - Бишкек. - 1999. - 0,3 б.т.

22. Ч.Айтматов көркөм тил маселеси жөнүндө. Жыйнакта: Чыңгыз Айтматов жана руханий маданият. - Бишкек. - 1999. - 0,3 б.т.

23. Бийлик жана инсан маселеси Ч.Айтматовдун көркөм интерпретациясында. Жыйнакта: Чыңгыз Айтматов жана руханий маданият. II бөлүк. - Бишкек. - 1999. - 0,5 б.т.

24. Кайрадан Ч.Айтматовдун «Гүлсарат» повестиндеги фольклордук мотив жөнүндө. //Кыргыз тили жана адабияты. - Каракол. - 2000. - 1 б.т.

25. Айтматов жана фольклор маселесинин изилдениш тарыхы. /1-макала/. - Түркологиялык изилдөөлөр. - Бишкек. - 2000. -0,5 б.т.

26. Айтматов жана фольклор маселесинин изилдениш тарыхы. /2-макала/. - Түркологиялык изилдөөлөр. - Бишкек. - 2000. - 0,5 б.т.

27. «Кыямат» романынын көркөм структурасында фольклордун ролу. /Түрк тилдери жана адабияты. /Илимий жыйнак. 1-чыгарылышы. - Бишкек. - 2001. -0,5 б.т.

## АБСТРАКТ

**Чыңгыз Айтматовдун поэтикасы жана кыргыз элдик фольклору**

**Диссертацияда Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын негизинде фольклор жана жазма адабияттын өз ара карым-катнашынын маселеси ар кыл аспектиден изилденип, аталган маселенин улуттук адабияттаануу илиминдеги изилдениш тарыхына экскурс жасалды, албетте, бул багытта жүргүзүлгөн иликтөөнүн борборунда Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы турду.**

**Ч.Айтматовдун адабий-эстетикалык, фольклордук-эстетикалык көз карашы конкреттүү материалдын негизинде талдоого алынып, жазуучунун фольклордук мотивдерди жеке чыгармачылыгында пайдалануу чеберчилиги бүгүнкү күндүн көркөм-эстетикалык бийиктигинен бааланды.**

**Изилдөөнүн жыйынтыгы көргөзгөндөй, Ч.Айтматов өз чыгармачылык тажрыйбасы менен кыргыз элдик фольклорун гана эмес, дүйнө элдеринин фольклорун азыркы учурдун саясий-нравалык, социалдык-психологиялык ж.б. курч, актуалдуу маселелери менен универсалду айкалыштырып «иштетүү» искусствосу, ошондой эле фольклордук көркөм нарктардын жазуучу үчүн түбөлүктүү мааниси бар экендиги аныкталды.**

## А Б С Т Р А К Т

**Поэтика Чыңгыза Айтматова и кыргызский народный фольклор**

**В диссертации на материале творчества Ч.Айтматова рассматриваются различные аспекты взаимоотношений фольклора и письменной литературы, делается ретроспективный анализ данной проблемы в кыргызском национальном литературоведении, фокусируя внимание на творчестве Чингиза Айтматова.**

**С высоты современной литературной эстетики оценивается мастерство Ч.Айтматова с точки зрения использования в его творчестве фольклорных мотивов, а также на конкретном материале анализируются литературно-эстетические и фольклорно-эстетические взгляды писателя.**

**Как показывает результат исследования, Чингиз Айтматов доказал своей творческой практикой высокое искусство использования как кыргызского так и мирового фольклора, органически переплетая его с острыми, актуальными, политико-нравственными, социально-психологическими и другими проблемами современности, и тем самым абсолютно ясно определяя для себя вечные ценности фольклора.**

## A B S T R A C T

**Poetics of Chingiz Aitmatov and the Kyrgyz National Folklore**

The dissertation deals with the relationship between Folklore and written literature in Ch. Aitmatov's creative work. The research has also a retrospective glance at this relationship in the kyrgyz national study of literature. In all these investigations Ch. Aitmatov's novels and stories are the main topic.

The skills of Ch. Aitmatov in using folklore motives in his books are analyzed from the point of view of the contemporary world literary aesthetic standards as well as the literature–aesthetic and folklore-aesthetic views of the writer.

As it is stated in the dissertation, Ch. Aitmatov has shown by his creative work the highest art of using the kyrgyz and world folklore motives in literature. In all his books Ch. Aitmatov by using the combination of folklore and contemporary important issues perfectly identified for himself the everlasting values of folklore.




Тираж 100. Объем 2,5 п.л. Формат 60x84/16
Отпечатано ЧП «Абыкеев А.Э.» г.Бишкек, ул. Абдымомунова, 193. каб. 12.